**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 09.16.534.**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 101. 1 (575.2) (043.3)**

**КАРАБУКАЕВ КАДЫРКУЛ ШАРШЕЕВИЧ**

# ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТ ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗДИН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

**Адистиги: 09.00.11 – социалдык философия**

**Философия илимдеринин доктору**
**окумуштуулук даражасын изденип алуу**
**үчүн жазылган диссертациянын**
**авторефераты**

**Бишкек – 2018**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тааным теориясы, философиянын жана илимдин тарыхы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий консультант**: философия илимдеринин доктору, профессор **Жумагулов Мааметайып Жумагулович**

**Расмий оппоненттер**: философия илимдеринин доктору, профессор **Какеев Аскар Чукутаевич**

философия илимдеринин доктору, доцент **Ботоканова Гульнара Топчуевна**

философия илимдеринин доктору, доцент **Алымкулов Марат Сапарбекович**

**Жетектөөчү мекеме:** «Кыргызстан эл аралык университети» ОИӨК, философия кафедрасы, дареги: 720007, Бишкек шаары, Л.Толстой көчөсү, 17А/1

Диссертациялык иш 2018-жылдын “ 16 ”мартында саат 12-00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдеринин доктору (кандидаты) жана маданият таануу, искусство таануу (17.00.02-музыкалык искусство) илимдеринин кандидаты илимий даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 09.16.534. Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а. /сайт: www.fil.kg /

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия**
**илимдеринин кандидаты, у.и.к.** **Н.С. Акматова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Коом менен табияттын өз ара аракеттеринин учурдагы абалы экологиялык көйгөйлөрдүн пайда болуусунун булагы болуу менен социотабияттык карама-каршылыктардын курчушуна алып келди. Ааламдашуунун контекстинде илимий-техникалык прогресс социалдык маданий реалдуулуктун өнүгүүсүндө бардык мүмкүнчүлүктөрдү ачып берүү менен, ошол эле мезгилде коом менен табияттын өз ара таасирлериндеги бир катар терс кырдаалдар менен коштолуп, натыйжада экологиялык кризисти пайда кылууда. Түзүлгөн шарттарда экологиялык көйгөйлөрдү чечүү экологиялык маданияттын практикалык жана аксиологиялык маанисинин актуалдуулугун биринчи планга чыгарууда.

Социотабияттын өз ара карым-катнаштар процессиндеги адамдардын, социумдун улам өсүп жаткан активдүүлүгү коомдо экологиялык жактан багытталган ориентациялардын пайда болуусуна, экологиялык кризистин социалдык себептерин андап-түшүнүү зарылдыгына жана аларды теоретикалык жана практикалык жактан чечүү жолдорун издөөгө алып келди. Бул өңүттө экологиянын жакшырышына көрүлгөн башка чаралар менен катар коомдун руханий-маданий баалуулуктарын максаттуу өзгөртүү олуттуу мааниге ээ болот. Ушуга байланыштуу социумдун табият менен байланышын айкалыштыруучу маанилүү принциптерин иштеп чыгуу, дүйнө көз караштарын өзгөртүү жана аларды философиялык жактан негиздөө керектигин белгилөө зарыл. Андан да глобалдык масштабда экологиялык маселелерди руханий-баалуу багыттарды тандоодо азыркы цивилизациянын индикатору болуп саналган философиялык жактан ой жүгүртүүсүз, экологиялык маданияттын жана экологиялык аң-сезимдин оптималдуу өнүгүүсүсүз чечүү мүмкүн эмес. Экологиялык маданиятты философиялык-методологиялык ыкмада кароо «коом – табият» системасында болуп жаткан карама-каршы процесстердин маңызын ачып берүүгө шарт түзөт. Буга өзүнүн мазмуну боюнча адам менен табияттын өз ара эриш-аркак мамиледе болуусун шарттаган, активдүү турмуштук позиция менен баалуулуктар системасын иштеп чыгуу аракети менен ажырагыс байланышта болгон экологиялык маданиятты комплекстүү изилдөө да түрткү берет.

Азыркы экологиялык кризисти чечүүнүн келечектүү жолдорун эффективдүү аныктоо үчүн социотабияттын функцияланышына жана коомдогу экологиялык маданияттын калыптануусуна системалуу, бүтүндүктө маани берүү зарыл. Коомдогу терең өзгөрүү процесстери экологиялык чөйрөгө эле эмес, социомаданий негиздерге да таасир тийгизгенде, экологиялык көйгөйлөрдү холистикалык көз караштан кароо муктаждыгы жаралат. Мында экологиялык маданияттын өнүгүү бөтөнчөлүктөрүн өз учурунда кайрадан карап чыгып, түшүнүү коомдо болуп жаткан социалдык-экономикалык, руханий-нравалык, жана саясий-укуктук процесстердин комплекси менен түздөн-түз байланыштуу болот. Экологиялык билимдердин өнүгүүсү жана экологиялык маданияттын калыптануусу, алардын мааниси коомдук өнүгүүдө өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын табиятка карама-каршы койбостон,

социум менен табияттын гармониялуу мамилесин орнотуу менен ыктымалдуу экологиялык кыйроолорду алдын алууну шарттаган социалдык болумуштун мүнөздөмөсүнө ээ болот.

Теориялык-методологиялык изилдөөнүн объектиси катары экологиялык маданият феноменинин маанилүүлүгү философия үчүн, баарынан мурда, анын социалдашуусунун эпистомологиялык талаада философиялык анализдин өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн тапкандыгы менен, ошондой эле экологиялык маданияттын өзүн аңдап түшүнүүнүн потенциалын жогорулашуусу менен да баалуу. Аталган милдеттер коомдун экологиялык маданиятынын аң-сезимдүү, максаттуу калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн, анын илимий-таанып билүүчүлүк, техникалык-технологиялык, социалдык-экономикалык, саясий-укуктук, антропологиялык-экологиялык, руханий-нравалык компоненттеринин системалуу биримдиги аркылуу ийгиликтүү чечилиши мүмкүн.

Экологиялык маданияттын маңызын изилдөө зарылчылыгына байланыштуу бул контексте жаратылышты пайдалануу жаатында адамдын, коомдун ошондой эле алар менен жаратылыш чөйрөсүнүн өз ара карым-катнаштарын жөнгө салуунун өзгөчө бир методдору иштелип чыккан этномаданий-тарыхый салттарынын калың катмарын философиялык анализге алуу да олуттуу мааниге ээ болот. Элдердин, асыресе, кыргыз элинин маданиятынын салттуу экологиялык-нравалык баалуулуктарынын өнүгүү тарыхы этнос менен жаратылыш чөйрөсү өз ара байланыштагы этномаданий экологиялык системаны түзүп келгендигин айгинелейт. Демек, жаратылышты пайдалануунун экологиялык салттарын, алардын калыптануу процесстерин, элдердин руханий-нравалык мурасындагы бардык рационалдуу жана баалуу жагдайларды ачып берүүнүн ар тараптан кароонун маанилүү жана актуалдуу экендиги талашсыз.

Кыргыз элинде байыртадан бери эле жаратылыш чөйрөсү менен болгон туруктуу мүнөздөгү карым-катнаштын, табиятка карата баалуулук-нравалык мамиленин салттуу формалары калыптанган жана аларды жаңы шарттарда, жаңы негизде кайра жандандыруу зарыл. Ушуга байланыштуу коомдогу этномаданий процесстеринин эволюциясын терең аңдап түшүнүүнүн актуалдуулугу дүйнөлүк коомчулуктун субъектилеринин этномаданий, социалдык-экологиялык баалуулуктарынын эвристикалык потенциалы, цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык мезгилде жаңы мазмунга ээ болуу менен өнүгүшү жана байышы аркылуу түшүндүрүлөт. Мындай жагдай азыркы Кыргызстанда экологиялык маданияттын өнүгүүсүндө натыйжалуу колдонулушу мүмкүн.

Экологиялык көйгөйлөрдүн курчтугу коомдун экологиялык маданиятын кыргыз элинин табият менен болгон карым-катнашын аксиологиялык аспектисин эсепке алуу менен философиялык деңгээлде аңдап-түшүнүүнүн өзгөчө актуалдуулугун жана зарылдыгын аныктайт. Социумдун экологиялык маданиятынын маңызын философиялык-методологиялык талдоо жүргүзүүнүн өзү коом менен табияттык болмуштун өз ара аракетинин диалектикасын ачып берүүгө өбөлгө түзөт. Так ушул жагдай изилдөөгө алынып жаткан объектинин тандалып алынышын шарттады.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен болгон байланышы**.

Илимий изилдөөнүн темасы 2013-2017-жж. жана 2040-ж. аралыгындагы Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнүнүн Улуттук стратегиясы менен байланышкан жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына, мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Ыйман, тарбия жана маданият жылы катары жарыяланган 2017-жылдагы максаттарды ишке ашыруу иш-чаралар системасына кирет.

Диссертациялык изилдөөнүн **объектиси** болуп коомдун экологиялык маданияты эсептелет. Изилдөөнүн **предмети** катары экологиялык маданияттын эволюциялык маңызы жана мааниси кызмат кылат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Коомдун экологиялык маданиятынын болмушуна философиялык талдоо жүргүзүү диссертациялык иштин негизги максаты болуп эсептелет**.** Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн төмөнкүдөй милдеттери аныкталды:

– классикалык философиядагы экологиялык маданияттын маңызынын философиялык-методологиялык негиздерин изилдөө;

– ата-мекендик философиялык дискурстагы экологиялык маданияттын болмушунун экспликациясынын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

– коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын диалектикасынын проекциясында экологиялык маданияттын эволюциясын талдоого алуу;

– «экологиялык маданият» түшүнүгүнүн онтологиялык-гносеологиялык жактан аныктуулугун көрсөтүү;

– системалык ыкманын контекстинде экологиялык маданияттын түзүмүн кароо;

– экология философиясындагы категориялар системасында экологиялык маданияттын ордун интерпретациялоо;

– этноэкологиялык салттардын маңызын экологиялык маданияттын көрүнүшү катары изилдөө;

– Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүндөгү экологиялык маданияттын маанилүүлүгүн ачып берүү;

– ааламдашуу шарттарындагы экологиялык маданияттын аксиологиялык маанисин негиздөө.

**Изилдөөнүн илимий жанылыгы** Кыргызстанда экологиялык маданияттын манызына жана маанисине системалуу философиялык изилдөө жүргүзүү менен аныкталат. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы төмөнкү жоболордо камтылган:

– экологиялык маданият феноменине дүйнөлүк философиялык ойломдун өнүгүүсүн эске алуу менен теориялык-методологиялык интерпретация жүргүзүлдү;

– экологиялык маданияттын маңыздык-мазмундук ченеми ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн илимий изденүүлөрүнүн контекстинде изилденди;

– «коом-табият» системасынын өнүгүүсүн эске алуу менен экологиялык маданияттын диалектикасына маани берилди;

– экологиялык маданияттын болмушунун онтологиялык жана гносеологиялык аспектилери көрсөтүлдү;
– тарых философиясы проекциясындагы экологиялык маданияттын элементтеринин бүтүндүгү жана өз ара байланышы изилденди;
– экология философиясынын түшүнүгүнүн структурасындагы экологиялык маданияттын система түзүүчүлүк мааниси каралды;
– этноэкологиялык салттардын маданий мазмундуулугу ачылып берилди;
– эгемендүү Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүндөгү экологиялык маданияттын ролу изилденди;
– ааламдашуу процесстеринин контекстиндеги коомдун экологиялык маданиятынын аксиологиясы аныкталды.

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөөнүн материалдары маданият философиясынын, социалдык философиянын, илимдин философиясынын жана методологиясынын маанилүү маселелерин андан ары иштеп чыгууда колдонулушу ыктымал; экология философиясы жаатындагы илимий изденүүлөрдүн спектрин кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө шарт түзүп, экологиялык маданияттын максаттуу калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги жолдорун ачып берет, социотабияттык өз ара иш-аракеттер тууралындагы теоретикалык билимдердин өркүндөтүлүүсүнө жана өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн практикалык мааниси анын негизги жоболору менен корутундуларын философия, социалдык экология боюнча атайын курстарды даярдоодо, социалдык философия жана маданият таануу боюнча лекцияларды окууда колдонууга болот. Ошону менен бирге аталган изилдөөнү эгемендүү Кыргызстандагы мамлекеттик экологиялык саясатты жана стратегияны иштеп чыгуунун теоретикалык-методологиялык базасы катары колдонууга болот.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттеринин тарыхый өнүгүүсүндө экологиялык маданият коомдун руханий-нравалык муктаждыктарын трансформациялоо менен маданий-цивилизациялык процесстин маанилүү фактору болуп эсептелет. Ошондуктан экологиялык маданият феномени дайыма философиялык, маданият таануучулук, тарыхый, этнофилософиялык изилдөөлөрдүн борборунда болуп келген. Андыктан философиялык ойлом эң оболу, социумдун социомаданий өнүгүүсүнүн контекстиндеги экологиялык маданияттын болмушуна багытталган.

2. Экологиялык маданияттын маңызы жана имманенттик мазмуну дагы ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн ой жүгүртүүлөрүнүн объектиси болуп калды. Кыргыз окумуштуулары аталган руханий кубулуштун дүйнөсүнө байкоо жүргүзүү менен экологиялык маданияттын социотабияттык, социомаданий, эволюциялык өңүтүнөн аныкталгандыгына өзгөчө көңүл бурушуп, анын структуралык элементтерин ачып беришкен жана коом менен табияттын карама-каршылыктуу өз ара мамилелерин эске алуу менен алардын өз ара байланышын көрсөткөн.

3. Социумдун маданий-цивилизациялык өнүгүүсү көрсөтүп тургандай, экологиялык маданияттын өнүгүүсү «коом-табият» системасынын диалектикасынын, кубулуштардын ар сапатта аныкталышынын, сөз болуп жаткан бүтүндүктөгү процесстердин руханий көрсөткүчү болуп эсептелет. Адамдардын, социумдардын, жалпы эле коомдун жаратылыш чөйрөсү, космотабият менен карама-каршылыктуу мамилелеринин өз ара байланышын көрсөтүү менен, натурсоциоэкосистеманын эволюциялык маңызы адамдардын, социумдардын экологиялык маданиятынын пайда болуусунун, калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн өбөлгөсү катары кызмат кылат.

4. Экологиялык маданият социотабияттык бүтүндүктүн чөйрөсүнүн категориясы катары цивилизациялык-тарыхый мейкиндик менен социалдык убакытта өзүнүн өнүгүү жолунда руханий көрүнүш жана түшүнүк катары сыпатталат. Бул жагынан алганда, сөз болуп жаткан феномендин уникалдуулугу, өзүнчөлүүлүгү, объективдүү болмуштугунун аныкталгандыгы коом менен табияттын өз ара аракетке кирүүсүндө реалдуулукка айланып, экинчи жагынан, экологиялык маданият адамдардын, социумдардын табиятка болгон көп кырдуу мамилесин өздөштүрүү, аңдай билүү деңгээлин билдирген түшүнүк катары берилет.

5. Экологиялык маданият өзүнүн татаал структурасына ээ болгон диалектикалык процессти эске салат. Аталган контексте ал көп түрдүүлүктүн биримдиги болуп эсептелип, өзүнө экологиялык элестетүүнү, экологиялык ой жүгүртүүнү, экологиялык дүйнө таанымды, экологиялык билимди, этноэкологиялык салттарды, экологиялык идеалды ж.б. камтып турат. Экологиялык маданияттын структуралык элементтери өз ара диалектикалык биримдикте болуу менен, адамдардын, коомдун табият менен болгон өз ара байланышындагы татаалдыкты, карама-каршылыкты ар кыл аспектилерден туюндуруп турат.

6. Экологиялык маданият синтетикалык руханий көрүнүш катары экология философиясынын башка категориялары менен өз ара катыштыкка ээ болуп, жеке адамдын, адамдардын, жаратылыш чөйрөсүнүн жана окуяларынын биримдиги аркылуу социотабияттын карама-каршы өнүгүүсүн түшүндүрөт. Экологиялык маданияттын маңызын философиянын (болмуш, коом, социум ж.б.), экологиянын философиясынын (экологиялык ишмердүүлүк, экологиялык кризис, экологиялык императив ж.б.) категориялык аппараты аркылуу ачып берүү, аны социотабияттык бүтүндүктүн реалдуу картинасын кайра жаратууга багыттоочу система түзүүчү фактор катары кызмат кылаарын көрсөтөт.

7. Коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусу социомаданий, социоэкологиялык өнүгүү процессин шайкеш чагылдыруу жана салттуу этноэкологиялык баалуулуктарды трансформациялоо менен ааламдашуу шарттарындагы азыркы коомдун калыптануусунун аксиологиялык негиздерин көрсөтөт. Демек, этноэкологиялык салттар экологиялык маданияттын көрүнүшү катары эсептелип, ал эми алардын антропологиялык-гуманистик, дүйнө таанымдык жол-жоболору жана руханий-адеп-ахлактык идеалдары социотабияттын коэволюциялык негизде өнүгүшүн шарттайт.

8. Коомдун экологиялык маданияты социумдардын туруктуу өнүгүү башаттар системасында маанилүү орунду ээлеп турат. Анын натыйжалуу кызмат аткаруусу адамдар менен жаратылыш чөйрөсүнүн өз ара байланышындагы салыштырмалуу оптималдуулук менен гармониялуулукту сакталышын камсыз кылат. Бул жагынан алганда, Кыргызстандагы инсандын, жарандын жана элдин экологиялык маданиятынын өнүгүүсү биздин өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуунун маанилүү аспектиси болуп эсептелет.

9. Дүйнөдөгү татаал социалдык-экономикалык, экологиялык кырдаал эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик саясатындагы жана экологиялык маданиятындагы заманбап экологиялык стратегияны иштелип чыгышына түрткү болду. Ошого байланыштуу ааламдашуу шартындагы бирден-бир маанилүү жалпы мамлекеттик милдеттердин бири катары социотабияттын бирдиктүү өнүгүүсүнүн приоритеттүү парадигмаларынын калыптануусу жана заманбап Кыргызстандын маданий-цивилизациялык өнүгүүсүнүн актуалдуу социомаданий милдеттерин чечүүнү жөнгө салуучу экологиялык маданияттын ылайыктуу системасын түзүүсү таанылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кыргызстанда биринчи жолу философиялык рефлексиянын контекстинде экологиялык маданияттын маңызына системалуу илимий-теориялык изилдөө жүргүзүлдү. Жарык көргөн эмгектер, коргоого сунуш кылынган негизги жоболор автор тарабынан аткарылды жана иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы**. Изилдөөнүн негизги идеялары менен жоболору бир катары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда жана тегерек столдордо апробацияланган: «Номадизм: прошлое и будущее» эл аралык илимий конференция (Бишкек, 2008 г.); окумуштуулардын федерациясынын Бүткүл дүйнөлүк 23-чү сессиясы (Женева, Швейцария, 2006-ж.); салттуу билим боюнча эл аралык конференциялар (Кыргызпатент, Бишкек, 2009, 2013 жана 2017-жж.); эл аралык конференция: «Традиционные знания в контексте глобализации» (Бишкек, 2015г.); эл аралык түйүндүк конференция «Инновациялык Интернет илим жана билим үчүн – CRNC» (Алматы, 2015г., 2017г., Бишкек); «Наука, техника и инновационные технологии в эпоху могущества и счастья» эл аралык илимий конференция (Ашхабад, Академия наук Туркменистан 12-13 июня 2017г.); «Современность: философские и правовые проблемы» илимий-практикалык конференциялар (Бишкек, 2008–2012 гг.); VII эл аралык илимий конференция «Traditional and modern culture: history, actual situation, prospects» (Прага, Чехия, 2017-ж.).

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмалардагы чагылуусунун толуктугу.** Диссертациянын негизги натыйжалары менен теориялык жоболору 1 монографияда, 40 илимий басылмаларда, анын ичинде 11 макала чет өлкөлөрдө жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** диссертациялык изилдөөнүн максаттары, милдеттери жана логикасы менен шартталган. Диссертация киришүүдөн, 9 параграфты камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, маселенин иштелип чыгуу деңгээли, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен объектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана практикалык мааниси, алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Маселени изилдөөнүн философиялык-методологиялык негиздери»** аттуу биринчи бапта коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын өнүгүүсүндөгү илимий-теоретикалык рефлексиялардын контекстинде экологиялык маданияттын эволюциялык маңызына жана маанисине эпистемологиялык анализ жүргүзүлдү.

Биринчи баптын «**Салттуу философиядагы экологиялык маданияттын эволюциялык маңызына тарыхый-логикалык ыкма**» аттуу биринчи параграфында социумдун экологиялык маданиятынын табияты тууралындагы ыкмаларга, көз караштарга системалуу изилдөө жүргүзүлдү. Маданий-цивилизациялык өнүгүү көрсөткөндөй, экологиялык маданият коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин контекстинде өнүгүп, өздүк эле эмес, табияттык, социотабияттык болмуштун мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн жаңы детерминанттары менен тенденцияларын аныктайт.

Тарыхый-логикалык контекстеги экологиялык маданияттын эволюциялык маңызына болгон анализ көрсөтүп тургандай, адамдын аң-сезиминдеги адамзат цивилизациясынын өнүгүү башатында эле адамдар менен табияттык чөйрөнүн карым-катнаштарындагы экологиялык элестөөлөр пайда болушкан. Мындай кырдаал мифологиялык элестөөлөр менен тыгыз байланышкан жана аларда элдердин идеяларынын негизги баалуулук мазмунун табууга болгон байыркы адамдын аң-сезиминин калыптануусунда маанилүү ролду ойногон. Мифологиялык көрүмдөрдө «экологиялык маданият» адамдын дүйнөгө, социумга, космоско жана табиятка болгон конкреттүү мамилелери катары көрүнөт. Андан ары Байыркы Чыгыштын белгилүү ойчулдарынын көз караштарында адам менен табияттын гармониялуу жашоосу тууралындагы баалуу элестөөлөр камтылган. Б.з.ч. VI-V кк. байыркы кытай философиясынын алкагында «Дао» тууралындагы окуу пайда болгон. Анда адам табиятка баш ийип, табигый жашоо менен ынтымакта, табият менен гармонияда жашоосу керек деп жарыяланган. Улуу кытай ойчулу Конфуцийдин жана анын мектебинин жолдоочуларынын негизги идеясы даанышмандыкка болгон ачкычты адам менен табияттын ортосундагы гармонияга жетүүдөн жана сактоодон издөө керек, аталган гармонияны бузуу алардын ортосундагы дисгармониянын пайда болуусун шарттайт. Ошентип, байыркы чыгыш ойчулдарынын идеяларын изилдөө көрсөткөндөй, алар өзүлөрүнүн тарыхый-философиялык мурастарында заманбап чечмеленишинде экологиялык-руханий-нравалык катары каралуучу маселелердин топтомун баса белгилешкен. Алардын көз караштарында табият менен адамдын ортосундагы гармонияны орнотуудагы жолдорду издөө аракети көрүлгөн.

Экологиялык маданияттын өзгөчөлүктөрү туурасындагы алгачкы элестөөлөрдүн өнүгүүсү философиянын адамдын руханий ишмердүүлүгүнүн өзгөчө формасы катары калыптануусунун башталышы менен байланышкан. Коом менен табияттын өз ара байланышын негиздөөдө биринчи аракеттер жана аталган маселенин философиялык маанисин ачып берүүдөгү далалаттар антикалык философияда пайда болот (Платон, Аристотель, Гиппократ, Демокрит ж.б.). Аталган доорго табиятка гармониянын, тартиптин эталону катары кайрылуу таандык, ошондуктан табияттын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен эриш-аркак жашоо жогорку даанышмандык катары эсептелген. Алардын көз караштарында маданий өнүгүүнүн маселелери табияттык шарттар менен шартталуусу көрсөтүлгөн.

Белгилей кетүүчү нерсе, илимдин жаралуусуна, адамдын табиятка болгон карым-катнашын түшүнүүгө жана маданияттын баалуулуктарынын жаңы системасынын калыптануусуна Аль-Фараби, Ибн Сина, Ибн Рушд ж.б. сыяктуу араб-мусулман философиясынын ойчулдары олуттуу таасирлерин тийгизишкен. Алар коом менен табиятты биримдикте карашкан, андан тышкары конкреттүү мисалдарда ар кыл элдердин өкүлдөрүнүн тышкы түрүнүн, иш-аракеттеринин жана өзгөчөлүктөрүнүн табияттык чөйрөдөн болгон көз карандылыгы көрсөтүлгөн. Аталган контекстте түрк философиясынын белгилүү ойчулдарынын философиялык идеяларынын баалуулугун баса белгилөө менен бирге Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгари өзүлөрүнүн эмгектеринде ошол мезгилдеги адамдардын дүйнөгө көз карашын, табият чөйрөсүнө болгон карым-катнашын, б.а. адам, анын дүйнөдөгү, табияттагы жана алардын баалуулук-нравалуулук тандоосу туурасындагы жаңы элестөөлөрдү бекитүү зарылчылыгы жөнүндөгү идеяларды көрсөтө алышкан. Ошону менен бирге түрк дүйнө көз карашында адам жана табият философиясы өнүгүп, анда теңирчиликтик дүйнө туюм менен диний баалуулуктар өзгөчө гармониялаштырылган. Демек, араб жана түрк маданиятына табияттык реалийлерди салыштырмалуу активдүү пайдалануу (байыркы цивилизацияларга салыштырмалуу) таандык болгон. Ал белгилүү бир динамизм жана кандайдыр-бир деңгээлде реалдуулука болгон утилитардык ыкма менен айырмаланган, анда табиятка, анын баалуулуктарына карата кылдат мамилени орнотуу үстөмдүк кылып, адам менен табияттын гармониялуу тең болмушун чагылдырат.

Коомдун андан аркы маданий-цивилизациялык өнүгүүсү көрсөткөндөй, Кайра жаралуу доорунда, андан кийин Жаңы мезгилде теоцентризм антропоцентризмге орун бошотуп, ошондогу ойчулдардын адамдын алдында турган маселелерди рационалдык жол жана утилитардык каражаттар менен чечүү мүмкүнчүлүгүнө болгон ишеними пайда болот. Алардын философиясында адамдарды курчап турган табиятка болгон көз караштарынын кайра башка нукка буруу болуп, географиялык детерминизм (Ж. Боден, Ш. Монтескье ж.б.) өнүккөн. Андыктан аталган концепциянын өкүлдөрү табияттык фактордун элдердин социомаданий өзгөчөлүктөрүнүн калыптануу процессине болгон чечүүчү таасири, б.а.табияттык чөйрөнүн, географиялык

жана климаттык шарттардын өзгөрүүсүнөн болгон көз карандылыгы туурасындагы тезисти негиздешкен.

Коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарына болгон көз караштардагы белгилүү бир өзгөрүш Жаңы мезгилдеги илимдин өнүгүү процессинде болуп, Ф. Бэкондун табияттын үстүнөн болгон мурунку үстөмдүктү «улуу калыбына келтирүү» зарылчылыгы туурасындагы идеясы менен байланышкан. Аталган тарыхый мезгилде биринчи жолу кээ бир ойчулдардын «табиятка баш ийүү» талаптары айтылган, алар маңызды табияттагы дүйнөлүк күчтөрдүн активдүү иш-аракеттеринин натыйжасы, ал эми маданиятты адамзат акыл-эсинин продуктусу катары чечмелөө менен маданиятты бүтүн өздөштүрүүгө аракет кылышкан, б.а. маданият менен табияттын карым-катнаштар жана бирдиктүү иш-аракеттеринин өзгөчө рефлексиясы жүзөгө ашырылат (Р. Декарт, Б. Спиноза, Т. Гоббс, Ж.Ж. Руссо ж.б.).

Коом менен табияттын өз ара карым-катнаштар маселесин иштеп чыгуу немец классикалык философиясында (И. Кант, Г.В. Гегель, Л. Фейербах) жаңы деңгээлге жеткен. Анда адамзаттын табиятка болгон карым-катнашы талдоого алынып, социалдык уюшулуунун табияттыктан жогору турган баалуулугу жарыяланган, бирок натыйжалуу табияттык уюшулуу, ал тургай аны менен шартталган болуп эсептелет. Андыктан алар  табият менен өз ара карым-катнаштарда «тынч» ортоңкуну орнотуу зарылчылыгын көрсөтүшкөн, анда аны менен болгон гармониялуу өз ара карым-катнаш калыптанат.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, XIX кылымдын ортосунан тарта географиялык детерминизмдин жана поссибилизмдин идеяларын синтездөөчү экологиялык антропология өнүккөн, ага ылайык чечүүчү факторлордон болуп маданий салттар эсептелишет, ал эми табият болгону алардын өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүп берет. Андыктан Л. Уайт экологиялык кризисти табиятты багындыруудагы жалпы антропологиялык көрсөтмө менен байланыштырган. Адам менен табияттык чөйрөнүн өз ара карым-катнаштар маселеси марксистик философияда андан аркы өнүгүүгө ээ болот. К. Маркс менен Ф. Энгельстин көз караштарында  адамдаштырылган – табияттык процесстин өзгөрүүсүндө анын социалдык баш ийүүсүнүн жүрүшүндө жана технологиялык процесске айлануусунда коомдун табиятка болгон таасири адамдын ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашырылат. Аны менен бирге алар чөйрөнү табигый жаратылыш, ал эми индивидди, адамдарды биргелешкен адам, коом, жана коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү адам менен чөйрөнүн гармониялашуусунун башкы механизми катары карашып эсептешкен.

Коомдун социомаданий жашоосундагы экологиялык карым-катнаштардын ролу туурасындагы элестөөлөрдүү түзүүгө мүмкүнчүлүк берген маанилүү теоретикалык-методологиялык идеялар менен принциптер  XIX-XX кк. аралыгындагы орус философтору В.С. Соловьев, Н.Я. Данилевский, Н.А. Бердяев ж.б. тарабынан иштелип чыккан. Алсак, Н.А. Бердяев жалпы адамзаттык деңгээлде экологиялык маданияттын генезисин изилдөө зарылчылыгын баса белгилеген. Андан ары алардын илимий-экологиялык изденүүлөрүндө «коом-табият» өнүгүү проблемасынын философиялык

негиздеринде «табият-адам-коом» өз ара байланышынын жаңы маданий этапка – экологиялык багыттагы маданиятка трансформацияланышы байкалат. Аталган мезгилде жаратылышты сабаттуу пайдалануу принциптеринин теоретикалык иштелип чыгуусунун маанилүүлүгү көрсөтүлүп, коомдун маданий жашоосунун өзгөчө чөйрөсү – экологиялык маданияттын пайда болуусу туурасындагы суроо турган.

Экология философиясы боюнча көп сандаган изилдөөлөрдүн анализи көрсөтүп тургандай, экологиялык маданияттын калыптануусунун методологиялык негизин А. Ле Шателье, К.Ф. Браун, В. Коммонер жана В.И. Вернадскийлердин эмгектери түздү. Алардын эмгектеринде экологиялык маданият социалдык карым-катнаштардын (коом менен табияттын ортосунда) белгилүү бир түрүнүн чагылуусу катары түшүндүрүлгөн, анда ой жүгүртүүгө адамдардын табиятты кабыл алуусунун деңгээли дуушар болуп, Ааламдагы өзүнүн абалына, адамдын дүйнөгө болгон карым-катнашына баа берилет. Аталган өңүттө экологиялык маданият феноменине карата маани берүү В.И. Вернадскийдин универсалдуу эволюционизими туурасындагы идеясы маанилүү ролду ойнойт, анда дүйнөдө болуп жаткан бардык эволюциялык процесстер жалпы фундаменталдуу мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийүүчү бардык маңыздын өздүк уюшулуусунун бүтүн процесси катары каралат. Ошону менен бирге алардын иштеп чыккан «биосфера», «ноосфера», «этикалык акыл-эс» түшүнүктөрү «экологиялык маданият» түшүнүгү менен дал келишет.

Белгилей кетсек, экологиялык маданияттын элементтери чет элдик жана россиялык изилдөөчүлөрдүн (А. Швейцердин, О. Леопольддун, К.Э. Циолковскийдин ж.б.) эмгектеринде негиз салуу катары да каралган. Ушуга байланыштуу орус космизминин экоборборлугу бүтүн түрдө экологиялык маданияттын социалдык-философиялык далалаттарын билдирип, социалдык уюштуруучулук туурасындагы космистик элестөөлөрдү реконструкциялоо жана ачып берүүнүн логикалык негизи катары кызмат кылат. Андыктан маданияттын космистик концепциясында негиздүүсү болуп «ноосфера» түшүнүгү эсептелет (Э. Леруа, П. Тейяр-де-Шарден, В.И. Вернадский ж.б.). Ноосфера концепциясынын методологиясы экологиялык маданияттын жаңы парадигмаларын иштеп чыгуу үчүн, коомдун табият менен болгон бирдиктүү иш-аракеттириндеги таанымдык жана ишмердүүлүктүк ориентацияларында жана адамзаттын экологиялык кризистен чыгуусунда маанилүү багыттарды берет. Алардын мындай дүйнөгө көз караштын илимий негиздерин түзүүсү – бул коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин максаттуу гармониялуу өнүгүүсүнүн картинасынын калыптануусу, б.а. ал экологиялык маданияттын максаты болуп эсептелет.

Экологиялык маданиятты заманбап экофилософиялык антропологиянын чечмеленишинде кароо менен белгилей кетүүчү нерсе, аталган процесс – дүйнөлүк коомчулуктун ноосфералык абалга жылуусунун өткөөл этабы, ал коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн сапаттуу трансформациялануусу (материалдык-өндүрүштүк, социалдык, саясий, руханий), алардын ар бириндеги өсүп жаткан табияттык факторлордун ролу менен байланышкан. XX кылымдын экинчи жарымынан баштап экологиялык маданият коомдун

спецификалык подсистемасы катары калыптанып, коом менен табияттын коэволюция процессинин конкреттүү-тарыхый көрүнүшү катары кызмат кылат, ошондуктан, экологиялык маданият концепциясын өнүктүрүү менен Н. Моисеев анын калыптануусун рухтун өзүнүн терең моралдык кайра куруусу жана адамзат маданиятынын маңызынын зарылчылыгы, цивилизациянын стратегиясы менен табияттын болмушунун келишүүчүлүгү, жаңы баалуулук көрсөтмөлөрдүн жана экологиялык императивдин негизинде байланыштырган, ошону менен бирге ал коом менен табияттын коэволюциялык байланышынын белгилүү бир ыкмасы катары каралат.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, XX кылымдын 80-жылдарынан баштап экологиялык маданият теоретикалык планда табияттын, коомдун жана ойломдун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү туурасындагы билимдердин системасы жана окуу катары калыптана баштаган (Э.В. Гирусов, В.А. Кобылянский, А.Д. Урсула, В.И. Данилов-Данильян, Н.М. Мамедов, М.С. Каган ж.б.). Андыктан социотабияттык коэволюция концепциясынын негизинде белгилүү болгондой, «коом-табият» системасынын адамзат ишмердүүлүгү процессинин негизинде илим менен тышкы социалдык, табияттык шарттардын өнүгүүсүнүн ички факторлорунун таасири алдында жаңы парадигма – тааным менен практиканын ядросу – экологиялык маданият пайда болот.

Ошентип, экологиялык маданият коом-табият, адамдардын, коом менен табияттык чөйрөнүн бирдиктүү иш-аракеттери системасынын диалектикасынын тааным, өздөштүрүү жана маани берүү денгээлин көрсөтүү менен илимге чейинки жана илимий-теоретикалык таанымдын предмети болуп калды.

Биринчи баптын «**Экологиялык маданият ата-мекендик философиялык дискурста**» аттуу экинчи параграфында ата-мекендик философиялык изилдөөдөгү экологиялык маданиятка маани берүүнүн өзгөчөлүктөрү каралат. Кыргызстандагы илимий-теоретикалык изденүүлөрдүн мазмуну көрсөтүп тургандай, биздин философтор-методологдор, маданият таануучулар жана табигый илимдердин (биологдор, экологдор ж.б.) өкүлдөрү ар кыл аспектиде экологиялык маданияттын татаал дүйнөсүн кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өнүгүүсүн эске алуу менен көрсөтүүгө далалат кылышкан. Андыктан ата-мекендик изилдөөчүлөр элдик оозеки чыгармачылыкта, эпикалык-поэтикалык мураста болгон экологиялык баалуулуктарга таянышкан.

Биздин этностун байланыш болмушунун жана табият чөйрөсүнүн маңызынын тарыхый-философиялык анализи көрсөтүп тургандай, кыргыздардын экологиялык элестөөсү предметтик дүйнөнү руханий-практикалык өздөштүрүү ыкмасына органикалык жактан таандык болуу менен алардын күнүмдүк жашоо-турмушундагы өздөштүрүүсүнүн алкагындагы социум менен табияттын өз ара байланышын, карым-катнашын чагылдырган.

Салттуу экологиялык маданият, анын ичинде адам менен табияттын биримдиги, алардын гармониясы жана дисгармониясы туурасындагы элестөөлөр биздин этностун эпикалык жаратууларында жана легендарлуу

кыргыз ойчулдарынын (Толубай сынчы, Асан Кайгы, Санчы сынчы, Жээренче чечен) көз караштарында (сергек акыл-эс менен берилип, күнүмдүк жана турмуштук-практикалык тажрыйбада негизделген), акын-заманистердин (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу) жана элдик акындардын (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Жеңижок) чыгармаларында кенири чагылдырылган. Алар элдик оозеки чыгармачылыктын, кыргыздардын коомдук-философиялык ойломунун өнүгүүсүнө эле эмес, көчмөн цивилизация диалектикасынын контекстиндеги жалпы эле кыргыз этносунун экологиялык маданиятынын калыптануусуна баа жеткис салым кошушкан. Алардын мурастарында табияттын баалуулугу байкалып, аны менен ынтымакта жашоо идеясы көрсөтүлөт, ал эми алардын дүйнө көз караштарында табият түздөн-түз жашоо баалуулуктарына киргизилген. Аталган ойчулдардын чыгармачылыгында коомдук жашоодогу гармониянын негиздерин издөө тенденциясы байкалат, ал эми адам табият менен ажырагыс байланышта болуусу керек экендиги көрсөтүлөт. Аталган өнүттө ойчулдардын дүйнөнү жана табиятты салттуу оозеки-поэтикалык, илимге чейинки философиялык түшүнүүсү кыргыз элинин экологиялык маданиятынын калыптануусун жөнгө салат.

Белгилей кетүүчү нерсе, руханий салттар менен баалуулуктардын универсалдуу мазмунундагы, адам менен табияттын ортосундагы карым-катнаштардагы парадигмаларда заманбап адабий-көркөм чыгармачылык коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын курчтугун мүнөздөөчү азыркы көркөм-образдык ойломдун архетиптерин таап, бүгүнкү социалдык-экологиялык маселелерге концептуалдуу контекстте маани берүүгө аракет кылат, демек, социотабияттык, адамзаттык болмуштун масштабдык картинасын берет. Аталган контекстте заманбаптын улуу жазуучусу Ч. Айтматов өзүнүн чыгармаларында кыргыз элинин мифопоэтикалык салттары бүтүн дүйнө көз караш катары, адамдын, адамдардын объективдүү реалдуулука болгон карым-катнаштарынын алгачкы жана ажырагыс тиби катары өзгөчө дүйнө көз караштык-философиялык түскө ээ болот. Андыктан адамдын табиятка болгон карым-катнашы, жазуучунун пикири боюнча, жалпы эле инсан менен коомдун адамзат сезимдеринин ченеми болуп калат. Ч. Айтматов элдик даанышмандардын салттарын улантуу менен жаңы социомаданий шарттарда дүйнөдөгү нравалык-экологиялык кырдаалдын азыркы маңызына терең философиялык жактан маани бере алган.

Жалпы жонунан, табияттын, социумдун жана адамзат жашоосунун, табияттын объекттеринин, көрүнүштөрүнүн социотабияттын татаалдыгын, карама-каршылыктуулугун жана көп кырдуулугун адекваттуу чагылдырган кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы жана адабий-көркөм баалуулуктары заманбап дүйнөдөгү адамдардын экологиялык маданиятынын өнүгүүсү үчүн өбөлгө болуп эсептелет. Оозеки чыгармачылыктын, салттуу жана этностун, элдердин жана улуттардын заманбап көркөм-поэтикалык дараметинин дүйнө көз караштык мазмуну өзүнүн өнүгүүсүндө улам байытылып, анын болмушунун ыкмасын аныктоо менен экологиялык маданияттын структурасуна улам тереңдеп жүзөгө ашырылат. Ушуга

байланыштуу чыгыш элдеринин, анын ичинде кыргыздардын көп түрдүү руханий маданиятында адам менен табияттык чөйрөнүн ажырагыс биримдигинин эпикалык-поэтикалык реконструкциясы жүзөгө ашырылып, негизги чектери катары космогониялуулук, синкреттүүлүк, мифологиялуулук, символикалуулук жана байкоо жүргүзүүчүлүк, экологиялуулук эсептелип элдик дүйнө көз караштын өзгөчөлүгү берилген.

Дүйнөнү салттуу кабыл алуунун көрсөтүлгөн түрлөрү «Манас» эпосунда да көчмөндүн «Космо-Психо-Логос» синкретизминин көркөм-поэтикалык орноосу жана бир эле мезгилде экологиялык маданияттын компоненти катары чагылдырылат. Аталган өңүттө кээ бир ата-мекендик изилдөөчүлөр баса белгилешкендей, бул кыргыздардын космогониялуулугу менен ылайык келет, же биздин этностун космизм салты өзгөчө дүйнө туюм жана түшүнүм катары табият менен космостун дүйнөсүнөн өзүн бөлүп чыкпаган адамдын мифологиялык аң-сезиминин өзөгүндө миңдеген жылдардын терең өзөгүнө кетет (О.А. Тогусаков, М.Ж. Жумагулов, Р.Д. Сыдыкбеков).

Кыргыздардын дүйнө көз карашынын структурасындагы космизмдин көрүнүшүнүн тарыхый-логикалык формасы алардын дүйнө түшүнүмүнүн системасындагы социалдык-философиялык ойломдун өнүгүүсүндөгү жаңы баскыч болуп калгандыгын белгилей кетүү абзел. Андыктан алар курчап турган дүйнөнү чыныгы түшүнүүгө аракет кылышып, табиятты анын өзүнөн чыгуу менен түшүндүрүшкөн жана адам табияттан бөлүнбөөсү керек деп эсептешкен, анда ал үчүн өзгөчө зарылчылык жок. Ушуга байланыштуу кыргыз элинин космизм идеясы, анын конкреттүү-тарыхый, этникалык мүнөзү коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракет маселелелерин иштеп чыгуу процессинин көңүл борборунда турган (А.Ч. Какеев, Т.А. Абдылдаев, А.К. Бакаев, М.С. Алымкулов ж.б.).

Экологиянын, экология философиясынын дисциплинардык аралык мүнөзүн баса белгилөө менен кээ бир изилдөөчүлөр (А.Б. Бакиров, Э.Дж. Шүкүров, К.Дж. Бөкөнбаев, К.О. Осмонбетов ж.б.) баса белгилешкендей, элдин экологиялык маданияты көп түрдүү мүнөзгө ээ жана анын көп түрдүүлүгү, полифункционалдуулугу татаал социотабигый шарттар менен түшүндүрүлөт, андан глобалдык натурсоциоэкосистема калыптанат. Аны менен бирге алардын пикири боюнча, заманбап экологиялык маданияттын дүйнөсүнүн илимий-теоретикалык изденүүсүнүн башкы милдети катары кыргыз элинин жашоо камсыздалуусунун салттуу системасындагы табиятка болгон карым-катнаштардын өзгөчөлүктөрүнүн кайра өндүрүлүүсү, табияттык жана социалдык-маданий шарттарды изилдөө, андан тышкары пайда болгон табияттык катастрофаларды алдын алууга тийгизген таасири эсептелет. Алар баса белгилешкендей, экологиялык маданият реалдуу чындыкты руханий-практикалык өздөштүрүүнүн ыкмасы катары адамдардын, социумдардын табияттык чөйрөгө болгон өз ара карым-катнаштарынын эволюциялык маңызын билдирет. А.А. Байбосунов, Г.Т. Ботоканова, Г.А. Аматова, М.Ш. Толобаев, Н.С. Акматова ж.б. экология философиясынын маселелерин изилдөө менен, кыргыздардын экологиялык маданиятынын маңыздык мүнөздөмөлөрү жана мазмуну этникалык тарых философиясынын, социалдык-экономикалык

базистин, маданияттын жана салттуу коомдун дүйнө түшүнүмүнүн контекстиндеги илимге чейинки экологиялык таанымдын структурасы менен маанилүү чектерин концептуалдуу талдоого алууда кыйла толук ачылып берилерин көрсөтүшкөн.

Биздин этностун маданий-цивилизациялык өнүгүүсү көрсөткөндөй, кыргыздардын этноэкологиялык маданиятынын көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү алар кээ бир логикалык мыйзамдар менен ыкмаларды аң-сезимдүү пайдалануунун натыйжасы катары каралбасынан, алардын практика менен болгон байланышы түздөн-түз социалдык-экологиялык мүнөздү алып жүрөөрүнөн кабар берип турат. А.А. Алтмышбаев, Б.А. Аманалиев, А.А. Тайлаковалардын ж.б. эмгектеринде кыргыздардын салттуу экологиялык дүйнө көз карашында көрүнүштөрдү (окуяларды) сүрөттөп берүүнүн контекстинде реалдуу чындыкты туура чагылдырып берүү камтылган, бирок табияттык бүтүндүктүн объекттеринин кыймылы менен функциялануу мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, маңызына сүңгүп кирүүсү жок. Элдин экологиялык билимдеринин жана салттарынын өтүүчүлүгү (преемственность) адамдын табиятка болгон кылдат (акыл-эстүү, гумандуу) карым-катнаш идеясынын бай мазмунунда таасын байкалат. Демек, биздин пикирибизде кыргыз элинде курчап турган чөйрөгө, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн кээ бир объекттерине карата болгон баалуулук, урматтоо экологиялык маданияттын калыптануусунун булактары болуп эсептелинет. Ушуга байланыштуу экологиялык маданияттын кээ бир структуралык элементтери М.Ж. Жумагулов, Ч. Дюшалиев, А.И. Арыкова ж.б. изилдөөчүлөрдүн теоретикалык ой жүгүртүүлөрүнүн объекттери болуп калган. Белгилей кетсек, элдин салттуу экологиялык баалуулуктары заманбап экофилософиялык илимдин өнүгүүсү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет, анын ичинде бул социотабияттын коэволюциялык өнүгүүсүнүн философиялык-методологиялык рефлексиясына да тийиштүү, анткени табияттык чөйрө менен болгон бирдиктүү иш-аракет процессинде этникалык тарых диалектикасынын контекстинде иштелип чыккан социалдык-экологиялык нормалар менен салттарда негизделген кыйла тең салмактуу маданият түзүлгөн. Ошондуктан элдин табият менен болгон көп кылымдык бирдиктүү иш-аракеттеринин натыйжасы, руханий-практикалык өздөштүрүүнүн экологиялык уникалдуу тажрыйбасы заманбап Кыргызстандагы экофилософиялык изилдөөнүн бирден-бир аспектиси болуп эсептелет.

Демек, экологиялык маданияттын маңызына болгон ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн философиялык дискурсунун абалына ретроспективдүү анализ жүргүзүү көрсөткөндөй, алардын илимий изденүүлөрүндө жалпы жонунан биздин элдин экологиялык маданиятынын болмушу берилген. Андыктан алар экологиялык маданияттын көрүнүш өзгөчөлүктөрүн кыргыз реалдуулугунун реалийлерин эске алуу менен бөлүп көрсөтүүгө аракет кылышкан.

Биринчи баптын «**Экологиялык маданияттын «коом-табият» системасынын диалектикасынын проекциясындагы өнүгүүсү**» деп аталган үчүнчү параграфында экологиялык маданияттын эволюциясы коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын өнүгүүсүнүн биримдигинде каралган. Экологиялык маданиятты өзүнүн универсалдуу-дүйнө көз караштык маңызы

менен социотабияттын коэволюциясынын ыкмасы катары шартталган тарыхый-социомаданий кырдаалдын контекстинде изилдөө заманбап философиянын бирден-бир маанилүү милдеттеринен болуп калды. Андыктан экологиялык маданияттын имманенттик мазмунунун илимий экспликациясы анын талдоо жүргүзүлүүсүнүн жалпы методологиялык принциптерин түзүүгө жардам бере алмак, бул анын калыптануусунун интеллектуалдык-баалуулук камсыздалуусуна да таандык. Ушуга байланыштуу субъект-объекттик мамилелердин ааламдашуу жана гумандашуу шарттарында коом менен табияттын ортосундагы карама-каршылыктарды жана заманбап мезгилдин экологиялык көйгөйлөрүн чечүүдө практикалык жана аксиологиялык мааниге ээ болгон экологиялык маданияттын маңызына, диалектикасына болгон философиялык-методологиялык түшүнүк берүүнүн мааниси жогорулайт.

Экологиялык маданияттын калыптануу маселесине арналган социалдык-экологиялык жана маданият таануучулук эмгектердин философиялык-методологиялык экспликациясы аталган феномен өзүнө коомдун табият менен болгон бирдиктүү иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн, ыкмаларын камтып турарын аныктоого шарт түзөт. Аталган иш-аракеттин натыйжалары – экологиялык билимдер, ынанымдар, жөндөмдөр, баалуулуктар ж.б. Экологиялык маданият адамдардын, социумдардын табияттык чөйрө менен болгон өз ара байланышын, социотабияттын ишмердиктүү, активдүү-негиздүү иш-аракетинин модификацияланган абалын, андан тышкары субъекттерди социотабияттын эволюциялык маңызын түшүнүүгө багытталган материалдык жана руханий жыйындысын да көрсөтөт.

Белгилей кетсек, «экологиялык маданият» түшүнүгү илимде жана коомдун коомдук-саясий жашоосунда XX кылымдын экинчи жарымында пайда болуп, адамдардын, социумдардын жана табияттын тең болмушун изилдөөдө кеңири колдонула баштаган. Адегенде экологиялык маданият социалдык карым-катнаштардын белгилүү бир түрүн, тагыраак айтканда коом менен табияттын ортосундагы карым-катнаштарды билдирүүчү жана ушул сыяктуу бөлүнүп көрсөтүлгөн маданияттар (саясий, укуктук, нравалык ж.б.у.с.) менен катар коомдун маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү катары каралган. Мындай ыкма илимий жана практикалык ишмердүүлүктө табиятты коргоо жана аны рационалдуу пайдалануу сыяктуу багыт менен байланышкан. Бул жерде табиятты коргоо аспектиси экологиялык маданиятты мүнөздөөдө басымдуулук мүнөзгө ээ болот. Аталган түшүнүктүн мазмунунун өзгөчө багыттуулугун эске алуу менен, биздин пикирибизде, ага «коом-табият» системасындагы өз ара байланышты, карым-катнашты жана өнүгүүнү киргизүүгө болот. Андыктан экологиялык маданияттын маанилүү белгилеринен болуп социотабияттык өнүгүүнүн макулдашуу ыкмасы жана адамдын табият менен аны терең таануу жана түшүнүүнүн негизиндеги ар тараптуу байланышы эсептелет.

Экологиялык маданият өзүнүн маңызы боюнча коомдук жашоонун системалык түзүүчү элементи болуп саналат, анда өзүнө адамдын эволюциясынын бардык этаптарын, курчап турган чөйрө менен болгон бирдиктүү иш-аракетинин тарыхый-маданий тажрыйбасын камтып турат. Экологиялык маданияттын компоненттери менен кээ бир жактары социумдун

бардык маданиятына сүңгүп кирип, коомго анын курчап турган чөйрөдөн болгон көз карандылык деңгээлин түшүнүүгө, социалдык болмуш системасында табиятка берилген ролу тууралсындагы элестөөнү түзүүгө шарт түзөт. Андыктан ал өзүнүн өнүгүүсүндө коомдон алдыга озуп, мурун берилген табиятты коргоого багытталган жүрүм-турум нормасы катары «адамдын руханий кайра куруусунун» каражаты катары кызмат кылат жана ал табият таануу менен окшошуп кетет. Экологиялык маданият коом менен табияттын коэволюция процессинин руханий-тарыхый көрүнүшү катары кызмат кылуу менен коомдун табият менен эле эмес, социалдык-тарыхый чөйрө менен да бирдиктүү иш-аракетинин ыкмасы катары мүнөздөлөт, анда анын калыптануусуна түздөн-түз кылымдар бою калыптанып келген социотабияттын белгилүү системасынын принциптери жана жүрүм-турумдук нормалары таасирин тийгизет. Мындай кырдаалда коомдун экологиялык маданияты «коом-табият» системасынын кыйла ыкчам өзгөрүүлөрүнө дуушар болот.

Бүгүнкү күндүн реалийлери «адам-табият-маданият» маселесиндеги аксиологиялык аспектилерди активдештиришип, экология менен маданияттын ички өз ара байланыш маселесин коюшат, мында кеп экологиялык маданияттын өнүгүүсү тууралсында болууда. Экологиялык маданият тууралсындагы Москва эл аралык декларациясында (7.05.1998) берилген аныктамада экологиялык маданиятты коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин формасы катары түшүнүү бар, анда бир канча башталыштардын – Акыл-эстин, Гармониянын жана Пайданын айкалышынын белгиси алдында жүзөгө ашырылат. Аталган контексте экологиялык маданиятка жаңы парадигма катары коомдук аң-сезимдеги коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракет процессинин көрүнүүсүнүн спецификалык ыкмасы ылайык келет. Изилденип жаткан маселенин аксиологиялык аспектисине өзгөчө көңүл буруу менен бир катар изилдөөчүлөр (Э.В. Гирусов, В.А. Кобылянский) экологиялык ишмердүүлүктүн баалуулугун баса белгилешкен. Аталган ыкмада табияттык өздөштүрүүнүн материалдык-практикалык жана руханий-теоретикалык процессиндеги адамдын социалдык күчтөрүнүн өнүгүү жана жүзөгө ашыруу ыкмалары жана таанымдын, коомдук ишмердүүлүктү кайра өзгөртүү жана жөнгө салуунун жардамы менен анын бүтүндүгүнө колдоо көрсөтүү каздешет. Аталган идея анын өнүгүү, сактоо, калыбына келтирүү жана коомдук-табияттык баалуулуктардын жыйындысындагы өнүгүү процессинде маданияттын, адамдын жана табияттык бүтүндүктүн эки жактуу карым-катнашы баса белгилениши менен айкалышат. Демек, курчап турган чөйрөгө жана адамга карата эмоционалдык-сезимдин, аң-сезимдүү-баалуулуктун карым-катнашынын синтези катары каралып жана анын бир бөлүгү болгон адамдын психикалык жана социалдык ден-соолугу аныкталат. Андыктан экологиялык маданият материалдык жана руханий маданияттардын өз ара байланыштарында жана бирдиктүү иш-аракеттеринде интегративдүү ролду аткарат.

Жогоруда айтылгандан айырмаланып изилдөөчүлөрдүн кээ бир ой жүгүртүүлөрүндө табиятка карата руханий-нравалык баалуулуктарга болгон көз караш гана байкалат, ага ылайык экологиялык маданияттын негизинде табиятка болгон нравалык-этикалык карым-катнаш жатат, ал курчап турган

чөйрөнү акыл-эссиз пайдалануунун ченемин болжолдойт. Аталган чечмелөөлөр өзүнүн багыттуулугу менен А. Швейцердин, Я. Линдбладдын, Р. Атфилдин идеяларына жакын, баалуулук жетишкендиги боюнча табиятты адамга теңеген. Ушуга байланыштуу адамдардын табиятка болгон карым-катнаштарын жөнгө салуучу, ошол эле мезгилде маңызы социалдык-экономикалык максаттуу чектөөлөрдү коюучу норма менен идеалда болгон фактору катары экологиялык маданияттын өзгөчө ролун баса белгилей кетүү маанилүү.

Экологиялык маданиятка баа берүү белгилүү илимий кызыгууну жаратат, анда ал биосфера менен коомдун туруктуу өнүгүү шарттарында социалдык-экономикалык маселелерди чечүүнүн кепилдиги болуп эсептелет. Аталган идеяда экологиялык маданият табиятка, социумга жана өзүнө болгон карым-катнаш маданияты катары курчап турган чөйрөнүн абалына экологиялык маданияттын субъектиси жоопкерчиликте болоорун таанып билет. Андыктан, ал өздүк аныктоонун негизинде курчап турган реалдуулукка трансформацияланаары баса белгиленет. Аны менен бирге методологиялык көз караште экологиялык маданияттын маанилүү белгилери болуп түздөн-түз антропоцентризмден баш тартуу жана көз караштардын биосфероборбордук системасына өтүү эсептелет.

Ар кыл экологиялык маселелерди изилдөө боюнча экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн жаңы ыкмасы пайда болот, ал адамдардын, социумдардын ишмердүүлүгүндө көрүнүүчү, анын маңыздык күчтөрүн ачып берүү ченемин аныктоочу адамдын жалпыланган мүнөздөмөсү менен байланышкан (Л.Н. Коган, Ю.Р. Вишневский, Н.В. Шкарбан, Е.С. Пекер, А.А. Мелькунов, Г. Хефлинг, Г.Н. Любарский). Андыктан экологиялык маданият аң-сезимдин экологиялык өнүккөн типтеринин, эмоционалдык-психикалык абалдардын жана эрктик утилитардык-практикалык ишмердүүлүктүн органикалык биримдиги катары берилет. Ушундай ишмердүүлүк гана эркин ой жүгүрткөн адамзаттын кызыкчылыгында бир бүтүндүк катары биосферанын ноосферага гуманистик кайра түзүлүүсүн камсыз кылат, аталган процессти камсыз кылуу коом менен табияттын, экологиялык маданияттын ченем шкаласын иштеп чыккан социотабияттын өнүгүү мыйзамдарына негизделген экологиялык маданиятта гана мүмкүн болот. Бул экологиялык этиканын, моралдык философиянын, социум менен табияттык чөйрөнүн, экологиялык императивдин коэволюциясынын биригүү жолу менен камсыздалат. Берилген жоболордун контекстинде логикалуу болуп коом менен табияттын өз ара байланышынын гармониялашуусундагы экологиялык маданияттын ролунун өсүүсү эсептелет, аталган ыкмада ал социотабигый бирдиктүү иш-аракетти оптимизациялоо механизмдерин, адамдардын ишмердүүлүктөрүнүн оптималдашуусунун механизмдерин аныктоо үчүн негиз катары каралат.

Ошону менен бирге экологиялык маданият коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин тең болмушун камсыз кылуучу адамдар тарабынан түзүлгөн руханий-нравалык баалуулуктардын, укуктук нормалардын, акыл-эстүү муктаждыктардын жыйындысы эле болуп эсептелбейт, табияттык чөйрөнүн системасындагы алардын жашоо ишмердүүлүгүнүн уюшулуусунун жана адамдардын экосистемага ыңгайлашуу

ыкмаларынын тарыхтагы ар бир мезгили үчүн спецификалуу да болуп эсептелет (Ж. Буламбаев). Адамзаттын жашоосундагы жана келечектеги өнүгүүсүндөгү экологиялык маселелердин өзгөчө маанилүүлүгүнүн көз карашында «экологиялык маданият» түшүнүгү коомдук индивиддин өзүнүн болмушунун табигый өбөлгөлөрү менен «табигый жана социалдык шайкештиктин» курч, терең жана жалпы аңдап билүүсү менен мүнөздөлөт. Аталган түшүнүктүн мүнөзүн жекелик менен коомдуктун байланышы катары кароо менен, экологиялык маданият социалдык-руханий феномен катары цивилизациялык мейкиндикте жана тарыхый мезгилде кенейүү менен дүйнө көз караштык көрсөтмөлөрдүн, гуманистик идеалдардын жана нравалык принциптердин өнүгүүсүн жөнгө салат, табияттык бүтүндүккө карата ал адамзат эркиндигинин деңгээли болуп эсептелет (М. Жумагулов). Аталган өңүттө жаңы экологиялык маданияттын белгиси катары алардагы эки жактуу сактоонун, бүтүндүк байытылуунун милдетине баш ийген андагы социалдык жана табияттык башталыштардын бири-бирине сиңишүүсү болуп калат.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, В. Вернадскийдин ноосферасынын теориясынын анализи жана И. Пригожиндин, Э. Янгдын, Н. Моисеевдин универсалдуу эволюционизми экологиялык маданиятты заманбап ааламдашуучулук б.а. жалпы турмуштук баалуулуктардын универсалдашуусу, табияттын, социотабияттын эволюциясы туурасындагы билимдердин жалпылануусу жүрүү учурунда коомдун бир бүтүн мейкиндигиндеги маданияттардын бардык типтеринин экологиялык ориентацияланган позитивдик тенденцияларын синтездештирүүчү инварианттык, ачык система катары кароого шарт түзгөн. Андыктан жаңы дүйнө көз караштык парадигманын калыптануусу планетардык, глобалдык-цивилизациялык маданияттын гармониялуу өнүгүүсүн камсыз кылуусу керек.

Маданий-цивилизациялык өнүгүү көрсөткөндөй, экологиялык маданияттын ядросу болуп социалдык системанын табияттык чөйрө менен болгон бирдиктүү иш-аракети эсептелет, ал аталган иш-аракетти социалдык аң-сезимдин регулятивдик формаларынын жардамы менен калыпка салып, табияттык болмуштун бүтүндүгүн сактоого алып баруучу аталган биримдикти калыптандырат. Аталган процесстер экологиялык маданияттын натыйжасы эле эмес, анын социалдык шарттар менен бирге сапаттуу деңгээлин аныктоочу негизги жогорку маңызы болуп эсептелинет. Бул жерде табиятты коргоонун деңгээлинин башкы аныктоочусу катары экологиялык маданият эмес, тескерисинче табияттык чөйрөнүн сакталуу жана адамдын өнүгүү процесстеринин маанилүүлүгүн аңдап билүү деңгээли экологиялык маданияттын өркүндөтүлүшүнүн көрсөткүчү болуп эсептелет. Андыктан «экологиялык маданият» заманбап аталышында өзүнүн баштапкы маанисине кайтып барат (табиятка болгон жоопкерчиликтүү карым-катнаш), б.а. табият бирдиктүү иш-аракеттин тең укуктуу өнөктөшү, ал эми «экологиялык маданият» – адамзаттын маданиятын түзүүчү катары каралат. Экологиялык маданият алардын табияттын өнүгүү мыйзамдарын, коомду алардын биримдигинде жана өзгөчөлүгүндө таануу таанымына ылайык инсандын, адамдардын ички дүйнөсүн кайра өзгөртүүгө катышуу менен өзүн көрсөтө алат.

Демек, экологиялык маданият өнүгүп туруучу руханий көрүнүш катары коомдун, адамдардын табият менен болгон карым-катнаштарынын татаалдыгын, карама-каршылыгын, көп аспектүүлүгүн билдирет. Андыктан экологиялык маданияттын маңызы, имманенттүү мазмуну ылайык келип, тарых философиясынын проекциясынын контекстинде «коом-табият» системасынын болмушун адекваттуу түрдө чагылдырып турат.

«**Экологиялык маданият социотабияттык бүтүндүк чөйрөсүнүн категориясы катары**» аттуу экинчи бапта аталган көрүнүштүн түшүнүктүк-категориалдык статусу анализге алынат.

Экинчи баптын «**Экологиялык маданият түшүнүгүнүн онтологиялык-гносеологиялык аспектилери**» аттуу биринчи параграфында экологиялык маданияттын онтологиялык-гносеологиялык негиздери социалдык реалдуулуктун диалектикасын эске алуу менен каралат. Коом менен табияттын бирдиктүү функцияланусунун маданий-цивилизациялык, руханий-нравалык контексттери, өзгөчө экологиялык маданияттын баалуулук ориентирлери, ааламдашуу шартындагы анын калыптануусу жана өнүгүүсү философиялык-методологиялык талдоого муктаж болот. Коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракети менен байланышкан маселелерге философиялык ой жүгүртүү маанилүү, анда заманбап дүйнөдөгү экологиялык маданият феноменинин баалуулуктары алдыңкы планга чыгышат. Аталган өңүттө, анын бүтүндүгүн пайда кылуучу негизги аспектилери болуп активдүү таанымдык процесс катары кызмат кылган болмуштун гносеологиялык, коэволюциялык принцибине ылайык спецификалык ыкма катары онтологиялык ыкма эсептелет.

Аталган компоненттердин өз ара байланышы жана шарттуулугу экологиялык маданиятты субъект-объекттик карым-катнаштардын объективдүү руханий реалдуулугу катары аныктайт, анда коом менен табияттын эки жактуу бирдиктүү өнүгүүсү жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон ориентацияны, биосферанын уникалдуулугун, кайталангыстыгын, өздүк баалуулугун туюп сезүүнү билдирет, өзү үчүн табияттык болмуштун дүйнөсүн инсандын руханийлүүлүгүнүн онтологиялык негиздери катары ачып берет.

Социалдык-философиялык изилдөөлөрдө экологиялык маданиятты онтологиялык өңүттө түшүнүү анын болмушунун мейкиндигинде татаал диалектикалык процесс жана көп түрдүүлүк кубулуш, коомдун маданий жашоосунун белгилүү бир аспектиси, б.а. маданий реалдуулуктун бардык көп түрдүүлүгүнөн ой корутундулук болуп бөлүнгөн изилдөөнүн объектиси же предмети катары түшүндүрүлөт. Ушуга байланыштуу онтологиялык негиздер анын элементтери менен жыйындысында болмуштун заманбап парадигмасы катары экологиялык болмуш, социотабияттын, субъекттик-объекттик реалдуулуктун көптөгөн объекттеринин татаал структурасы экологиялык маданияттын калыптануусунун, функцияланышуусунун жана өнүгүүсүнүн терең, системалык түшүндүрүлүшүндө олуттуу мааниге ээ. Табияттык экосистемалар объективдик жактан реалдуу келишет, алар адамзат болмушунун табигый субстанциалдык негизи. Алардын өзүнө экологиялык маданият жана анын маңызы негизделиши керек, анда объективдүү түрдө ажырагыс

биримдиги, адамдар менен табияттык чөйрөнүн ортосундагы көп тараптуу карым-катнаштар бар.

Заманбап экология философиясы белгилегендей, «экинчи табияттын» көрүнүштөрү менен процесстеринин экологиялык болмушу алар өзүнө ал индивиддердин белгилүү ишмердүүлүгүнүн предметтештирилген руханий (субъективдик) башталышынын табияттык экологиялык объекттин диалектикалык биримдигин камтып турат. Андыктан алардын дилектикасын ачып берүү табият менен социумдун бирдиктүү иш-аракеттеринин процессин оптималдаштырууга шарт түзөт, ал коом менен адамдын экологиялык маданиятынын түздөн-түз максаты болуп эсептелет. Бул жерде экологиялык маданият болмуштук мазмунга, уюшулуунун, функциялануунун ылайыктуу деңгээлдерине ээ болуу менен, «коом-табият» системасындагы анын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүүчү, социомаданий реалдуулуктун жана табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин диалектикасынын контекстиндеги өзүнүн калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн билдирет.

Объекттердин, процесстердин жана көрүнүштөрдүн реалдуулугу жана көп түрдүүлүгү, алардын «коом-табият» системасындагы сапаттык-сандык аныктуулугу экологиялык болмуш үчүн экологиялык маданияттын онтологиялык негиздери катары социалдык-эпистемологиялык маани берүү үчүн олуттуу мааниге ээ. Ал адамдардын табияттык чөйрөгө болгон руханий-нравалык карым-катнашынын өзгөчө мүнөздөмөсү болуу менен экологиялык таанымдын объектиси катары кызмат кылат жана коомдун, социумдун руханий-нравалык маданиятынын алардын табият менен болгон көп түрдүү өз ара карым-катнаштарындагы өнүгүүсүнүн белгилүү бир деңгээлин көрсөтөт. Өзүнүн өнүгүүсүндөгү приоритеттердин мүнөзүн аныктоочу баалуу көрсөтмөлөр, экологиялык императивдер үчүн зарыл болгон адам менен табияттын ортосундагы карама-каршылыкты алдын алууну жөнгө салуучу жаңы баалуулук-нормативдик карым-катнаштарды иштеп чыгат. Бул жерден корутунду чыгарууга болот: экологиялык маданияттын элементтеринин көп түрдүүлүгүнө болгон анализ маалымдагандай, адамдын табияттык чөйрө менен болгон карым-катнаштарын жөнгө салуучу социомаданий маанидеги, баалуулук-нравалык императивдер онтологиялык мүнөздөмөлөр катары экологиялык маданият менен биргеликте кызмат кылуу менен өзүнө адамдын, социумдун жана табияттык болмуштун маңыздарынын ар тараптуу аныктуулуктарын айкалыштыруучу диалектикалык процесстерди камтып турат.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, экологиялык маданияттын онтологиялык мааниси руханий көрүнүш катары анын калыптануусу, өнүгүүсү реалдуу дүйнөдөгү социалдык жана табияттыктын байланыш болмушунун негизи болуп эсептелеринде турат. Ошол эле мезгилде изилденип жаткан феномен өзүнө «коом-табият» системасындагы аныктуулуктардын карым-катнаштарын оптималдаштыруу жолун камсыз кылуучу, жаратылышты пайдалануу, калыбына келтирүү милдеттерин чечүүчү табияттык чөйрөгө карата болгон субъекттердин (адамдардын, социумдардын, жалпы эле коомдун) ишмердүүлүгүнүн уюшулуусунун ыкмасын камтып турат. Экологиялык

маданият адамдын (адамдардын) өзүнүн өнүгүүсүнүн ченеми, коом менен табияттын карым-катнашы катары алардын  тең болмушун, өз ара карым-катнаштарынын гармониялуулук деңгээлин көрсөтөт. Андыктан экологиялык маданияттын өзү болмуштук аныктуулука ээ болуу менен салттуу экологиялык билимдерди, баалуулуктарды, императивдерди, нормаларды, көрсөтмөлөрдү жана экологиялык ишмердүүлүктүн иштелип чыккан жөндөмдөрүн сактап, муундан-муунга өткөрүп берет. Аталган контекстте экологиялык маданияттын болмушуна социомаданий кризистин шарттарында маани берүү анын негизи жана пайдубалы катары кызмат кылган негизги принциптер менен баалуулуктардын биримдигин талаша албайт. Экологиялык маданият феноменине болгон аксиологиялык ыкманын өзү реалдуу руханий көрүнүш катары «коом-табият» системасындагы бүткүл оптималдуу адамзат ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтөт.

Экологиялык маданияттын функциялануусунун онтологиялык аспектисине өзгөчө көңүл буруу менен ал татаал түзүлгөн болмуш, экологиялык философиясынын өзгөчө объектиси катары руханий маданияттын системасындагы ордун көрсөтүүчү мүнөздүү олуттуу белгилерге ээ болот. Ошондуктан анын онтологиялык мазмуну аксиологиялык мааниге ээ болуп, адамдардын жана табияттык чөйрөнүн эки жактуу тең чыгармачылыгынын келечектүүлүгүнүн стратегиясын аныктоочу, адамдын, социумдун табият менен болгон өз ара карым-катнаштарынын баалуулук-нравалык багыттуулугунун, гуманистик ориентацияларынын көрсөткүчү болуп эсептелет. Ошону менен бирге экологиялык маданияттын өнүгүүсү бай онтологиялык мазмуну менен социотабияттык чөйрөнү өздөштүрүүгө жана кайра өзгөртүүгө эле эмес, жалпы адамзаттык, улуттук, этноэкологиялык баалуулуктардын өнүгүү жана өздөштүрүү контекстинде адамдын өзүнүн жана социумдун баалуулук-нравалык, маданий-кайра жаратуучулук маңызын олуттуу жаңылоого, жүзөгө ашырууга да багытталган.

Экологиялык маданияттын маңызын изилдөөнүн маңыз-мазмундук аспектиси болуп анын гносеологиялык негиздери да эсептелет. Андыктан гносеологиялык өңүттөгү коомдун экологиялык маданиятынын  субъектиси болуп жалпы эле экологиялык аң-сезимдин, экологиялык маданияттын социумдары (алып жүрүүчүлөрү) эсептелет. Коомдун экологиялык маданиятынын объектиси болуп адамдардын аң-сезими, ойлому саналып, реалдуу руханий-нравалык карым-катнаштарды, социоэкосистемадагы көрүнүштөрдү адамдардын ишмердүүлүгүнүн экологиялык чөйрөсүнө ар түрдүү социотабияттык процесстерди адекваттуу чагылдыруу жана жалпылоо менен өзүнө тартат. Экологиялык маданият тааным субъектисинин активдүү-практикалык, жаратмандык ишмердүүлүк процессинде пайда болуп жана калыптанып жаткан эпистемологиялык феномен катары, б.а. коомдун экологиялык маданиятынын субъекттери адамзат цивилизациясынын табият менен болгон өз ара байланышын, биримдигинин кыйла олуттуу белгилерин кайра өндүрөт.  Ошондуктан экологиялык маселелерди чечүүчү субъект катары экологиялык билимдердин жетиштүү деңгээлине жетип, анын экологиялык маданиятынын баалуу, интеллектуалдык дарамети болуп, экологиялык

ишмердүүлүктү глобалдык-цивилизациялык деңгээлде координациялоосу керек.

Логикалык-гносеологиялык аспектиде экологиялык маданият адамдардын, социумдардын жана табият чөйрөсүнүн карама-каршылыктуу өз ара карым-катнаштарын өздөштүрүү, маани берүү деңгээлин билдирген татаал структуралык компоненттер менен катары социалдык-экологиялык билимдердин, жөндөмдөрдүн жана нормалардын (императивдердин) өзгөчө тармагы катары каралат. Аталган контексте экологиялык маданияттын гносеологиялык аспектиси «коом-табият» системасынын диалектикасы туурасындагы көп түрдүү билимдерди өнүктүрүп, интеграциялайт жана синтездештирет. Бул жерде «экологиялык маданият», адамдар, социумдар тарабынан коом менен табияттын  тең болмуш зарылчылыгы, ойломдук процесстин формасы, логикалык өздөштүрүүнүн деңгээли  катары  берилип, социотабияттын эволюциялык маңызын чечмелейт.

Белгилей кетсек, эгерде объекттердин, процесстердин экологиялык маданиятынын онтологиялык аспектиси «коом-табият» системасындагы өз ара карым-катнаштардын өркүндөтүлүшүнүн тактикалык жана стратегиялык багыттарын иштеп чыгууну жүзөгө ашырууга шарт түзсө, анда гносеологиялык аспект руханий-экологиялык реалдуулуктун өнүгүүсүнө, социум менен табияттык чөйрөнүн гармониялуу бирдиктүү иш-аракеттеринин экоборбордук парадигмаларынын көрсөтмөлөрүнө, алардын коэволюциялык өнүгүүсүнө болгон ориентациясы менен багытталат. Ошондуктан экологиялык маданият өзүнүн онтологиялык-гносеологиялык аныктуулугу менен социотабияттык бүтүндүк чөйрөсүнө таандык болгон логикалык конструкция катары, андагы көрүнүштөр менен заттардын маңызына терең сүңгүп кирүү менен эпистемологиялык процессти жүзөгө ашырат.

Экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн онтологиялык жана гносеологиялык аспектилеринин диалектикалык биримдиги дүйнөдөгү экологиялык кырдаалдын курчуу шарттарында өзгөчө баса белгиленет. Аталган контексте тарыхый-маданий мейкиндик менен социалдык мезгилде экологиялык маселелердин чечилүүсү экологиялык маданияттын болмушунда координациялоочу функцияны аткаруучу онтологиялык жана гносеологиялык негиздерди эске албай коюу мүмкүн эмес. Аны менен бирге онтологиялык аспект экологиялык маданияттын табияттык, социотабияттык  жана социалдык-маданий реалийлери менен алардын болмуштук көп түрдүүлүгүнүн эволюциялык маңызын эске алуу менен  өз ара байланышкан элементтеринин биримдигинде, бирге функциялануусунда берилет. Ал эми экологиялык маданияттын гносеологиялык ченеми экологиялык билимдердин тарыхый-цивилизациялык топтомунда, байытылуусунда, табият, социотабияттык бүтүндүк туурасындагы идеялардын, нормалардын, ынанымдардын, ориентациялык көрсөтмөлөрүнүн, «коом-табият» системасынын диалектикасынын контекстиндеги экологиялык дүйнө көз караштын калыптануусунда турат. Аталган негиздердин өз ара байланышы жана шарттуулугу экологиялык маданиятка социотабияттын дүйнөсүн билдирүүчү реалдуу чындыкты (онтологиялык-гносеологиялык аныктуулук) берип турат.

Демек, илимий-теоретикалык, тактап айтканда философиялык, экологиялык таанымда экологиялык маданияттын маңызын онтологиялык жана гносеологиялык өнүттөн кароого болот. Онтологиялык аспектиде аталган феномен өзүнүн мыйзамдарына, мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жана өнүгүү тенденцияларына, субъекттердин (адамдардын, социумдардын жана жалпы эле коомдун) рухий дүйнөсүнө ээ болгон жалпы адамзаттык маданияттын ажырагыс бир бөлүгү, социалдык-маданий реалдуулук катары каралат. Экинчи жагынан, экологиялык маданият социотабияттык бүтүндүктүн дүйнөсүн, «коом-табият» системасынын өнүгүү диалектикасын чагылдырган субъективдүү реалдуулук, түшүнүк (категория) катары берилет.

Экинчи баптын «**Экологиялык маданияттын структурасы**» деп аталган экинчи параграфында социотабияттын диалектикасын эске алуу менен анын ич ара байланышкан элементтери изилденет. Экологиялык маданияттын эволюциялык маңызын изилдөө көрсөткөндөй, ал интегралдык сапат, көп түрдүүлүктүн биримдиги катары татаал структурага ээ болуп, өзүнө экологиялык билимди, экологиялык ойломду, экологиялык билим берүүнү, экологиялык аң-сезимди, экологиялык дүйнө көз карашты ж.б.у.с. камтып турат. Аталган компоненттердин ара байланышы жана шарттуулугу экологиялык маданиятты социалдык-экологиялык, моралдык-укуктук билимдер, адамдардын табияттык чөйрөгө болгон көз караштарын жана курчап турган дүйнөгө карата адамдын активдүү турмуштук позициясын билдирүүчү руханий реалдуулук катары аныктайт. Демек, экологиялык маданияттын мазмунун изилдөө процессинде «коом-табият» системасынын аныктуулугунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек. Баса белгилей кетсек, экологиялык маданияттын мазмунуна баарынан мурда, табияттын, социумдун, социотабияттык реалдуулуктардын маңызын, нравалык-эстетикалык баалуулуктардын белгилүү бир дараметин түшүнүүнү көрсөткөн экологиялык билимдер кирет. Анын структурасында алар табияттын, социотабияттын болмушун ар тараптан түшүнүүнүн уникалдуулугун эске алуу менен олуттуу мааниге ээ болот. Экологиялык билимдер курчап турган реалдуулуктун абдан маанилүү тараптарын ачып берүү менен коомдун руханий-маданий баалуулуктарын траснформациялоонун заманбап этномаданий кырдаалын камсыз кылуу менен экологиялык маданияттын жаңы парадигмасын калыптандыруу үчүн негиз болуп эсептелет. Табияттык чөйрөгө болгон руханий-гуманистик башталыштарга негизделүү менен экологиялык маданият экологиялык билимдердин социалдык-экологиялык прогресстин бирден-бир базалык компоненттери катары жетиштүү жогорку деңгээлинин болуусун билдирет. Өзүндө адамдардын руханий-нравалык сапаттарын калыптандыруу менен экологиялык маданият алардын дүйнө көз караштык көрсөтмөлөрүнүн логикалык кайра өндүрүлүүсү, социотабияттык аныктуулуктун болмушунун реалдуулугун өздөштүрүүнүн маанилүү каражаты катары пайдалануу жөндөмдүүлүгүндө көрүнөт.

Экологиялык маданияттын структурасында адамзат жүрүм-турумунун моралдык мотивациясына тийгизген таасири аркылуу координациялык функцияны аткаруучу табияттык чөйрөгө болгон баалуулук-дүйнө көз

караштык карым-катнашты чагылдыруучу руханий феномен катары олуттуу орунда экологиялык аң-сезим, б.а. адам экологиялык маданияттын базасын түзгөн планетадагы жашоону тескөө ролун кабыл алуусу зарыл. Экологиялык маданияттын калыптануусунун зарыл фактору катары адамдардын табияттык чөйрөнүн алдындагы социалдык-маданий жоопкерчилигин жеке аңдап билүү, субъекттин табияттык болмуштун баалуулуктарын, жана кайталангыстыгын сактоо зарылчылыгы эсептелет. Бул жерде мындай корутунду чыгарсак болот: экологиялык аң-сезимдин калыптануусу экологиялык маданиятты социотабияттык бирдиктүү иш-аракеттеги экологиялык маселелерди изилдөөнүн максаттары менен милдеттерине жакындатып, аны аларды чечүүнүн маанилүү механизми катары бөлүп көрсөтөт. Экологиялык аң-сезим ылайыктуу билимдерди өздөштүрүүнү, адамдардын экологиялык кырдаал тууралуу маалыматтуулугун билдирсе, ал эми экологиялык маданият адамдын ички дүйнөсүн анын жүрүм-турумдары, иш-аракеттери аркылуу чагылдырып, аң-сезимдин экологиялашуусунун реалдуу деңгээлин көрсөтөт.

Социалдык-экологиялык маселелердин курчуу шарттарында коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын гармониялашуусундагы бирден-бир чечүүчү фактор болуп экологиялык маданияттын калыптануусу эсептелет, анда анын өнүгүүсүнүн ийгиликтүүлүгү таанымдык-тарбиялык процесстен, б.а. билим берүүдөн көз каранды. Андыктан экологиялык билим берүүнүн ролу социум менен табияттык болмуштун өз ара байланышкан мазмунунан келип чыгат. Руханий-нравалык жекелик сапаттарга, идеалдарга жана табиятты коргоодогу ыкмаларга ээ болууда, социотабияттык карым-катнаштардагы активдүү ишмердүүлүккө багытталган жөндөмдөрдү, билимдерди, социалдык-экологиялык билимдерди, эффективдүү иш-аракеттерди топтоодо турган экологиялык билимдүүлүктүн өнүгүүсү социотабияттык өнүгүү жана жүзөгө ашыруу теориясын иштеп чыгууга жана экологиялык маданияттын калыптануу концепциясын жөнгө салат. Ошол эле мезгилде экологиялык маданияттын өнүгүүсү социотабияттык карым-катнаштардын руханий-нравалык тескөөчүсү катары экологиялык билим берүүнүн эффективдүү өнүгүүсүнөн ажырагыс байланышта. Албетте, экологиялык маданияттын калыптануусу татаал, көп аспекттүү процесс, анда келишилген эки жактуу илимдин, билимдин, экологиялык агартуучулуктун таасири менен камсыздалат. Аталган аспектиде экологиялык билим берүү коомдун экологиялык маданиятынын өнүгүүсүнүн негизи фактору болуп эсептелет, ошондуктан анын негизинде экологиялык бирдиктүү иш-аракеттин өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн таануу жатат.

Экологиялык маданияттын маңызына терең маани берүү зарылчылыгынын контекстинде анын маанилүү элементтерине, анын ичинде экологиялык этикага көңүл буруу зарыл, ал социотабияттык көрүнүштөрдү өздөштүрүү контекстиндеги экологиялык ишмердүүлүктүн субъектисинин менталдуулугунун, маданий-моралдык парадигмаларынын, баалуулук ориентацияларынын, жүрүм-турум жөндөмдөрүнүн, идеалдарынын жыйындысы катары калыптанат. Экологиялык этика экологиялык болмуштун көрүнүшүнүн формасы болуп эсептелүү менен адамдардын экологиялык маданиятынын руханий-онтологиялык негизин кайра карап чыгуу, этикалык

теорияны, нравалык принциптер менен идеалдарды жандуу заттарга эле эмес, жалпы эле табиятка, адам менен табияттык чөйрөнүн карым-катнаштарына таратуугa да ээ. Экологиялык этика экологиялык маданияттын мазмунун этнонравалык баалуулуктар, ориентациялар, экогуманистик идеалдар менен байытып, экологиялык нравалуулуктун өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болуп калат.

Белгилей кетсек, экологиялык маданият баалуулуктар дүйнөсү, анын ичинде социомаданий практиканын контекстиндеги экологиялык баалуулуктар, адамдын, социумдун табияттык аныктуулук менен болгон карым-катнаштарын жүзөгө ашыруу менен органикалык жактан байланышкан. «Экологиялык баалуулук» түшүнүгү объекттер менен субъекттердин карым-катнаштарын (биримдик, тийиштүүлүк, тең чыгармачылык, болмуштук) билдирүүсү, экологиялык баалуулуктар менен муктаждыктардын ортосундагы баа берүүсү (табияттык системалар жана адамдар, этностор, жалпы эле социумдар), себептик-натыйжалык байланыштар «экологиялык маданият» түшүнүгүнүн аксиологиялык маңызын көрсөтүп турат. Аталган өңүттө экологиялык маданият өзүнүн функцияланууусунда социотабияттык болмуш системасындагы руханий баалуулуктардын диалектикасын билдирет. Руханийлик баалуулук маңыз менен түздөн-түз байланышта болуусун эске алуу менен экологиялык баалуулуктар экологиялык маданият феноменинин маанилүүлүгүн субъекттердин чыгармачыл, максаттуу ишмердүүлүгүнүн социотабияттык бүтүндүктүн өнүгүүсүндө, адамдардын, социумдардын жана табияттык чөйрөнүн карым-катнаштарын оптимизациялоодо көрсөтүп турат. Демек, нравалуулуктун экологиялык аспектиси – бул адамдардын кызыкчылыктарынын табияттын мүмкүнчүлүктөрү менен ылайык келип, коом менен табияттын экологиялык тең салмактуулугун сактоого шарт түзгондүгүндө. Мындан руханий-нравалык баалуулуктар коомдун жаңы экологиялык маданиятынын калыптануу процессинин түзүүчүсү болуп эсептелет.

Белгилей кетсек, экологиялык маданияттын философиялык ойлому руханий-интеллектуалдык дараметтин өзгөрүү зарылчылыгын актуалдаштырат. Аталган аспектте экологиялык ойлом экологиялык маданияттын элементи катары адамдын табиятты кайра өгөртүүчү мүнөзүнө таасирин тийгизүү менен коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын жаңы коэволюциялык формаларын иштеп чыгууга шарт түзөт. Демек, экологиялык маданияттын руханий-баалуулук багыттары экологиялык ойломдун маңызын системалык изилдөөгө муктаж болуп, максаттуу чыгармачыл экологиялык ишмердүүлүккө жетиштүү деңгээлде көңүл бурбаган, социалдык-экономикалык өнүгүүгө гана басым жасаган салттуу ыкмаларды алдын алууну билдирет. Заманбап экологиялык ойлом, анын структуралык элементтери экологиялык маданияттын мазмундук мүнөздөмөсү катары биримдикте кызмат кылуу менен өзүнө адамдын, социумдун жана табияттык болмуштун маңызынын ар түрдүү аныктуулуктарын айкалыштырган диалектикалык процесстерди камтып турат. Демек, экологиялык ойлом менен экологиялык маданият диалектикалык өз ара байланышкан, татаал структуралашкан руханий көрүнүштөрдү камтыйт, ал эми

алардын өнүгүүсү жеке, алардын имманенттүү карама-каршылыктарында, мыйзам ченемдүүлүктөрүндө болуп, мейкиндиктик-убакыттык континуумда жайылтылат.

Экологиялык маданияттын системасында экологиялык дүйнө көз караш олуттуу орунду ээлеп, өзүнө адамдын, адамдардын табияттык чөйрө менен болгон карым-катнаштарындагы системалаштырылган көз караштардын, элестөөлөрдүн, принциптердин, баалуулуктардын, нормалардын жыйындысын камтып турат. Анын компоненттери (таанымдык, баалуулук-нормативдик, нравалык-практикалык, эмоционалдык-эрктик) инсандын жүрүм-турумунун белгилүү тибине болгон реалдуу даярдыгын чагылдырып, анын ишмердүүлүгүнүн философиялык-этномаданият таануучулук жана практикалык аспектилеринин негизин түзүшүп, өзүндө экологиялык маданияттын түшүнүктүк матрицасынын элементтерин топтойт. Экологиялык дүйнө көз караштын курамдык элементтерин (жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары, мисалы, экологиялык идеал, экологиялык агартуу ж.б.) ачып берүү жана изилдөө процессинде анын мазмундук өнүгүүсүн эске алуу менен табият менен бирге жашоонун, тең чыгармачылыктын түрдүү турмуштук тажрыйбасына жана болмушуна ээ болгон ар кыл элдердин маданий-гуманистик жана этика-экологиялык мурастарын изилдөө кыйла актуалдуу болот. Аталган аспектиде кыргыздардын экологиялык дүйнө көз карашы биздин этностун руханийлүүлүгүнүн ажырагыс бир бөлүгү, анын рухунун болмушунун формасы, улуттук кайра жаралуусу катары табияттык, социотабияттык шарттар менен тыгыз байланышта болуп, заманбап коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусу үчүн өбөлгө боло алат.

Социум менен табияттык чөйрөнүн карым-катнаштарынын тарыхы, маданият түзүүчүлүк баалуулуктардын диалектикасы инсандын, коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусу тарыхый калыптанган элдик баалуулуктарсыз, этникалык салттардын руханий-нравалык өнүгүүсүсүз эч мүмкүн эмес. Социомаданий өнүгүүдө, өзгөчө социумдардын руханий маданиятынын болмушунда дайыма өткөн менен азыркынын диалогу, б.а. ар кыл принциптердин, идеялардын жана көз караштардын системасын заманбап дүйнөлүк цивилизация менен муктаж болгон элдик салттуу баалуулуктарды (толеранттуулук, салттарга болгон сый-урмат, табиятка болгон жакындык ж.б.у.с.) сактоо менен пайда болуусу жана өнүгүүсү болуп турат.

Салттуу баалуулуктардын маңыздык-мазмундук аныктуулугу баарынан мурда муундардын өтүүчүлүгү, чындыкты өздөштүрүүнүн социомаданий тажрыйбасын өткөрүп берүү менен мүнөздөлөт. Аталган өңүттө элдик салттардын калыптануу жана өнүгүү процесстери көрсөткөндөй, алар жыйындысында маданияттын бир бөлүгү эле эмес, руханий-нравалык, маданий-этникалык, социалдык-экологиялык жана жалпы адамзаттык, цивилизациялык баалуулуктардын өнүгүп жаткан болмушу. Демек, табият менен болгон бирдиктүү иш-аракеттер салты, б.а. этноэкологиялык салттар жүздөгөн жылдар аралыгында тарбияланып, бекемделип, руханий жашоонун, анын ичинде экологиялык маданияттын бирден-бир башкы курамдык компоненттерине айланган. Этноэкологиялык системада болуу менен, б.а.

социалдык-табияттык комплекстте этносоциалдык коомчулуктардын табияттык чөйрө менен болгон туруктуу байланыштарынын уюшулуу системасын билдирүү менен этноэкологиялык салттар элдердин жалпы жана жеке белгилерин бөлүп көрсөтүүгө, эки жактуу таасир берүү жолдорун аныктоого, алардын өзгөчөлүктөрүн, өз алдынчалуулугун көрсөтүүгө шарт түзүп, улуттук өздүк аң-сезимдин маселелерин чечүүгө жана коом менен табияттын өз ара байланышын өздүк жөнгө салууга жардам берет. Аталган контекстте экологиялык салттарды биздин шарттарда пайдалануу экологиялык маданиятты кыйла жогорку деңгээлде калыптандырууну социотабияттын коэволюциялык өнүгүүсүнүн социомаданий механизмдерин издөөнү активдештирүү менен жөнгө салат.

Ошентип экологиялык маданият өзүнүн имманенттик элементтери, алардын көп түрдүүлүгү аркылуу коом менен табияттын коэволюциясынын маданий-тарыхый, рухий-нравалык негизин түзүшөт. Коом үчүн экологиялык маданияттын калыптануу зарылчылыгын белгилеп коюу эле эмес, бүгүнкү күнү экологиялык баалуулуктарды, экологиялык аң-сезимди, экологиялык этиканы, жалпы эле анын бардык элементтерин калыптандырууга жана синтездештирүүгө мезгил жетти. Демек, экологиялык маданияттын аталган бирдиктүү иш алып барган түзүүчүлөрүнүн калыптануу процессинде экологиялашкан адам жана коом калыптанат. «Коом-табият» системасынын бүтүндүгүнө негизделген экологиялык маданияттын структуралык түзүүчү кээ бир элементтерин жекече жана алардын мамилелештигинде изилдөө менен алар адамдардын, социумдардын жана жалпы эле коомдун табиятка болгон универсалдуу-ишмердик (рухий-практикалык, рухий-когнитивдик) карым-катнашын адекваттуу түрдө чагылдырышат. Бул жерде экологиялык маданият аталган элементтердин диалектикалык синтези жана алардын биригүүсүнүн, интеграциялануусунун маданияты катары кызмат кылуу менен татаал социотабияттык системалардын коэволюциясынын маанилүү фактору болуп калат. Алар үчүн «коом-табият» системасынын өнүгүүсүндөгү экологиялык маданият феноменинин ордун көрсөткөн субординация, олуттуу айырмачылыктуу белгилер мүнөздүү.

Экинчи баптын «**Экология философиясынын түшүнүктөр системасындагы экологиялык маданияттын орду жана ролу**» аттуу үчүнчү параграфында экологиялык маданияттын системалык түзүүчүлүк статусу экология философиясынын башка түшүнүктөрү менен мамилелештикте каралат.

Заманбап мезгилдин бирден-бир актуалдуу маселелеринен болуп экологиялык илимди социумдун курчап турган дүйнө менен болгон бирдиктүү иш-аракетине философиялык ой жүгүртүү чөйрөсүнө интеграциялоо эсептелет. Анын натыйжасында экология философиясында экологиялык маданият феноменин изилдөө зарылчылыгы сыяктуу жаңы багыт пайда болот, ал социумду коомдун табияттык чөйрө менен болгон карым-катнашын сапаттуу жаңы деңгээлге алып чыгып, адамдын табиятка тийгизген таасиринин масштабдары менен татаалдыгын аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Аталган өз ара карым-катнашты аңдап билүү экологиялык маданият түшүнүгүнүн

калыптануусун жана өнүгүүсүн экология философиясынын ойломунун маанилүү объектиси катары карайт. Андыктан илимий изденүүлөрдөгү биздин башкы максатыбыз болуп «экологиялык маданият» түшүнүгүнө имманенттик-маңыздык маанини берүү жана анын категориалдык статуска ээ болуу шарты болуп эсептелет. Көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүнө карабастан экология философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн жеке системалык маанисине дагы эле келе элек. Экология түшүнүгүнүн топтомдорунун сунуш кылынган варианттарынын ичинен бирөөсү дагы реалдуу эпистемологиялык системага салынбайт, анткени ички концептуалдык чечмелик соңуна чыга элек (Н.Ф. Реймерс, Б.Б. Прохоров). Ошондуктан өзүнүн аныктуулугу менен экологиянын, анын ичинде экология философиясынын түшүнүктүк-категориалдык системасы экологиялык маданияттын кыйла адекваттуу эпистемологиялык теориясын ачып берүү үчүн негиз болуп эсептелет.

Экология философиясынын базалык категорияларынын субординациясында, б.а. «адам-карым-катнаш-чөйрө» байланышында, «адам», «субъект» түшүнүгү «экологиялык маданият» түшүнүгү менен катар табияттык чөйрө менен гана байланышта актуалдашып, изилденет: «экологиялык аң-сезим», «экологиялык ойлом», «экологиялык идеология», «экологиялык ишмердүүлүк», «экологиялык маалымат»; ал эми «чөйрө» феноменинде болсо адамга таандык болгондор кездешет («экологиялык система», «географиялык чөйрө», «жашоо чөйрөсү», «биосфера», «жасалма чөйрө», «табигый чөйрө» ж.б.). Аталган аспектиде «адам-карым-катнаш-чөйрө» системасында адам тарыхый жактан өнүккөн биосоциалдык жандык катары берилген. Экологиялык маданият динамикада, карама-каршылыкта «коом-табият» системасынын маңызын чагылдырып, «адам», «коом» жана «курчап турган чөйрө», «соционатурэкосистема» түшүнүктөрүнүн эки жактуу мамилелештигин билдирип, табият, социотабият, принциптер, нормалар, баалуулук ориентациялар, экологиялык ишмердүүлүктүн идеалдары туурасындагы элестөөлөрдүн, билимдердин, ынанымдардын жыйындысы катары калыптанат. Аталган ич ара байланышкан табияттык реалдуулукту өздөштүрүү формалары адамдардын татаал, конкреттүү тарыхый мүнөздөгү коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын мүнөзүн билдирүү үчүн көп аспекттүү, көп деңгээлдүү системаны пайда кылат. «Экологиялык маданият» түшүнүгүнө экология философиясынын түшүнүктүк аппарат системасындагы ролуна өзгөчө көңүл буруу менен социотабияттык бүтүндүктүн маңызын, билдирүүчү башка феномендер да, анын ичинде экологиялык маалымат (гносеологиялык сыяктуу), экологиялык идеология (аксиологиялык сыяктуу), аксиологиялык ишмердүүлүк (праксеологиялык сыяктуу) иш алып бараарын белгилей кетүү абзел.

Экологиялык маданият «экологиялык кырдаал» феномени менен тыгыз байланышта болуп өзүнө табияттын абалын кайра түзүү, өзгөртүү деңгээлин, адамдын жаратылышты пайдалануусун, анын ылайык келбеген табигый мыйзам ченемдүүлүктөрүн, процесстерин жана көрүнүштөрүн камтып турат, андан тышкары табият менен социотабияттын болмушунун экологиялык принциптерин тоготпогондуктун натыйжасы катары каралат. Анын

деңгээлинин төмөндөө процесси инсандын, коомдун ааламдашуу шартындагы салыштырмалуу өнүккөндүгүн көрсөтөт.

Коомдун маданий-цивилизациялык өнүгүүсү көрсөткөндөй, предметтик-практикалык ишмердүүлүк айныксыз түрдө адамдардын, социумдардын курчап турган чөйрөгө болгон таасирин күчөтүп, табияттык объекттердин өзгөрүү ыргагын тездетет, аталган процессте маанилүү ролду адамдардын баалуулук-нормативдик жүрүм-турумун, табияттык бүтүндүктү табигый булак, социалдык, социотабияттык жана адамзаттык болмуштун негизи катары акыл-эстүү сактоону билдирген экологиялык императив ойнойт. Аталган аспектиде экологиялык императив экологиялык аң-сезимдин мазмунун жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон багыты менен өзгөртүүнү талап кылат, андыктан экологиялык маданияттын рационалдык-гумандык, салттуу баалуулуктарына сөзсүз түрдө кайра баа берүү, маани берүү жана сактоо керек болгон. Чындыгында эле экологиялык маданияттын өнүгүү процессинде кыйла маанилүү болуп табиятка болгон сый-урмат, моралдык нормалар менен стандарттарды, экологиялык императивдердин талаптарын жана социотабияттын тааным ыкмаларын жана ылайыктуу ишмердүүлүктү этикалык негиздүү тандоого болгон даярдык эсептелет (Е.А.Тебенькова). Субъекттин максаттуу, жаратмандык ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө экологиялык маданият менен экологиялык императив адамдын табият менен болгон бирдиктүү иш-аракетин жөнгө салат. Аталган контекстте экологиялык императив өзүнө адамдардын жазылбаган мыйзамдарын, принциптерин жана чектөөлөрүн, тыюу салууларын, ишмердүүлүк нормаларын, коом өзү иштеп чыккан руханий-маданий жөнгө салуучусун, социалдык-маданий болмуштун көрсөтмөлөр системасын камтып турат.

Экологиялык ишмердүүлүк экологиялык маданияттын структурасында башат жана элемент катары кызмат кылуу менен социотабигый процесстердин эки жактуу өнүгүүсүн жөнгө салуу менен «коом-табият» системасынын ар кыл сапаттуу аныктуулуктарынын тең салмактуулугун бузбастан коомдун табияттык чөйрөнү оптималдуу кайра өзгөртүүгө жана пайдаланууга багытталган. Максаттуу экологиялык ишмердүүлүк субъекттердин социоэкосистемага болгон карым-катнашынын базистик элементи, адамдын же коомдун экологиялык маданиятынын андан аркы өнүгүү шарты болуусу керек. Ошону менен бирге экологиялык маданият маселесине жана анын маңызын ачып берүүгө таандык болгон экология философиясынын ар кыл изилдөөлөрүндө «социалдык-экологиялык ишмердүүлүк» түшүнүгү колдонулат. Андыктан экологиялык маданият өзүнө социалдык-экологиялык ишмердүүлүктүн натыйжасын камтып, табияттык чөйрөнүн предметтерин, процесстерин «адамдаштыруу» ченеми болуп калат жана коом менен табияттын биримдигин, өз ара байланышын, алардын социотабияттык-детерминацияланган экологиялык-ишмердиктик функциялануу ыкмаларын билдирет. Ошондуктан экологиялык маданият экология философиясынын башка түшүнүктөрү менен катар татаал категориалдык системага таандык болуп, акырындык менен социотабияттын карым-катнаштарында пайда

болуучу социалдык-экономикалык, руханий-нравалык, гумандык-саясий ишмердүүлүктүн ортосундагы байланыштарды тереңдетет.

Белгилей кетсек, экологиялык маданияттын ордун «коом-табият» системасынын диалектикасында ачып берүүдө аталган көрүнүштүн «экологиялык идеал» түшүнүгү менен болгон жакындык аныктамасы олуттуу мааниге ээ. «Экологиялык маданият» түшүнүгүнүн онтологиялык мазмунун логикалык кайра өндүрүү процессинде экологиялык идеалдын маңызына адамдар ортосундагы бирдиктүү иш-аракет табият менен болгон карым-катнаштар аркылуу байланышкан социомаданий, социотабигый процесстердин эталону катары өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Экологиялык идеал – бул адамзаттын жыргалчылыгы, ал анын табият менен болгон гармониясында, тең чыгармачылыгында турат, социотабияттык реалдуулуктун бүтүндүк моделдешүү формасын берет. Андыктан экологиялык идеалдын имманенттик мазмуну табияты боюнча экологиялык маданияттын маңызына окшош, анда социалдык жөнгө салуучулардын багытын аныктап, алардын иш-аракетин экологиялык маселелерди чечүү механизминде координациялайт. Демек, аталган феномен коом менен табияттык чөйрөнүн бирдиктүү иш-аракетинин деңгээлин аныктоочу ишмердүүлүктүн социалдык жөнгө салуучу системасында генерациялоочу фактор болуп эсептелет.

Экологиялык маданияттын стратегиялык парадигмаларынын заманбап маани берилүүсү руханий-нравалык, социалдык-экономикалык, саясий-укуктук жана башка процесстер менен түздөн-түз байланышкан, аны менен идеологиянын экологиялык түзүүчүсү кыйла олуттуу мааниге ээ. Чындыгында эле коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракетинин татаалдануу процессинде экологиялык идеологиянын мааниси жогорулап, өз кезегинде ааламдашуу шартындагы экологиялык саясаттын, коомдун, социумдун туруктуу өнүгүүсүнүн стратегиясынын калыптануусунун өзөгү болуп калат. Оптималдуу иштелип чыккан идеология гана экологиялык маданияттын аксиологиялык түзүүчүсү болуп эсептелип, анын прогностикалык функциясын белгилеген. Экологиялык идеология стартегиялык идеялардын, ынанымдардын, социалдык-экологиялык мазмундагы парадигмалардын өзгөчө системасы катары адамдардын, социумдун жана жалпы эле коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусунун эволюциялык мүнөзүн көрсөтөт. Ал өзү гана экологиялык маданияттын идеялык ченемдерин белгилөө менен экологиялык гуманизмдин калыптануусун, табияттын жогорку жалпы адамзаттык баалуулук катары түшүнүүнү жөнгө салат. Ошондуктан экологиялык идеологиянын өнүгүүсүнүн жана функцияланууcунун бирден-бир маанилүү милдеттеринен болуп экологиялык маданияттын баалуулуктарында жекелик, инсандык, коомдук жана табияттык аспектилерди оптималдуу бириктирүү эсептелет, алардын негизинде адамдар, социумдар экологиялык маселелердин олуттуулугуна, татаалдыгына баа берүү менен аларды чечүүнүн жолдорун табууга аракет кылышат. Андыктан экологиялык идеология заманбап тез өзгөрүп турууучу дүйнөдөгү экологиялык маданияттын калыптануусунун өбөлгөсү жана маанилүү шарты катары кызмат кылат.

Планетардык акыл-эстин жаңы абалына болгон оптималдуу жолу руханий-нравалык чөйрөнүн радикалдуу трансформациясы, интеллект, өнүккөн экологиялык маданият аркылуу өтөт, анда экологиялык маданият феноменинин мазмундук-маалыматтык аспектисин түзгөн экологиялык маалымат маанилүү ролду ойнойт, экологиялык маданияттын маңызына ой жүгүртүү менен динамикалык бүтүндүккө экологиялык билимдердин, ынанымдардын, нормалардын, принциптердин жана императивдердин, парадигмалардын дүйнөсүн маданий-цивилизациялык процесстин диалектикасын эске алуу менен бириктирет. Экологиялык маданияттын өнүгүүсүндө дүйнөлүк коомчулуктун субъекттеринин экологиялык, маалыматтыктын руханий-нравалык, баалуулук приоритеттери менен айкалыштырууда экологиялык маалыматтын маанилүүлүгү мына ушунда турат.

Экологиялык маалыматтын негизинде адамдар дүйнөнү таанып билип, кайра өздөштүрүшөт, адамзаттык экологиялык баалуулуктар табияттык чөйрөнү өздөштүрүү процессинде алмашып, жаңы баалуулуктар коом менен табияттын болмушунун андан аркы мааниси үчүн кеңири массанын жетишкендиги болуп калат. Ушуга байланыштуу экологиялык маданияттын өнүгүүсүндөгү экологиялык маалыматтын эффективдүүлүгү маалыматтын функциялануусунун мүнөзүнөн, каражаттарынан жана механизмдеринен көз каранды болуп, коомдун маалыматтын экологиялык түзүүчүсүнө болгон муктаждыгын көрсөтүп турат. Ошону менен бирге экологиялык маалымат, эреже катары, экологиялык маданият феноменинин структурасына тарап, анын компоненттеринин ортосунда коммуникациялык процесстер байкалат. Аталган өңүттө дистанциондук экологиялык маалыматтык байланыш, Интернет түйүнү өзгөчө мааниге ээ болуп, экологиялык маданияттын эффективдүү өнүгүүсүн жөнгө салат.

Демек, экология философиясынын жогоруда каралган түшүнүктөрү ар кыл аспектилер менен окшоштукта, биримдикте жана салыштырмалуулукта болуу менен «коом-табият» системасынын имманенттик мазмунун билдирет. Андыктан алгачкы базалык катары «коом», «карым-катнаш», «табияттык чөйрө» түшүнүктөрү каралып, системалык түзүүчү катары «социотабияттык бүтүндүк» категориясы кабыл алынган. Аталган контексте «экологиялык маданият» түшүнүгү көпчүлүк жагынан социотабияттын өз ара карым-катнаштарын аныктоо менен социотабияттык бүтүндүктүн картинасын кайра жаратуу багыты катары кызмат кылат. Бул жаатта «экологиялык маданият» түшүнүгү субъекттин табияттык реалдуулука болгон карым-катнашынын жаратуучулук-таанымдык, руханий-нравалык, инсандык аспектилерин билдирүү менен экология философиясынын категориялар системасында өзгөчө орунду ээлеп турат. Аталган түшүнүк онтологиялык, гносеологиялык жана логикалыктын конкреттүү окшоштугу катары өзүнө диалектикалык жактан өнүккөн процессти камтып, маданий-цивилизациялык мейкиндикте жана тарыхый мезгилде «коом-табият» системасындагы көрүнүштөрдүн реалдуу көп түрдүүлүгүн чагылдырып турат.

Экологиялык маданият «коом-табият» системасынын диалектикасына ылайык өнүгүү менен «экологиялык ишмердүүлүк», «экологиялык императив»,

«экологиялык идеал», «экологиялык идеология», «экологиялык маалымат» ж.б. түшүнүктөр менен болгон эки жактуу окшоштугун билдирет. Көрсөтүлгөн феномендердин (түшүнүктөрдүн) жардамы менен экологиялык маданияттын системалык пайда болуучу мазмуну көрүнөт. Көрсөтүлгөн көрүнүштөр менен өз ара байланышта, байытууда болуу менен экологиялык маданият тарых философиясынын контекстинде социотабияттын түгөнгүс дүйнөсүн кыйла адекваттуу чагылдырат.

«**Заманбап Кыргызстандын өнүгүү контекстиндеги экологиялык маданияттын болмушу**» деп аталган үчүнчү бапта экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларына этноэкологиялык салттарды эске алуу менен анализ жүргүзүлөт жана анын ааламдашуу процессинде, коомдун туруктуу өнүгүүсүндөгү аксиологиялык мааниси каралган.

Үчүнчү баптын «**Кыргыздардын этноэкологиялык салттары экологиялык маданияттын көрүнүшүнүн формалары катары**» аттуу биринчи параграфында табияттык чөйрө менен анын болмушунун контекстинде биздин элдин этноэкологиялык салттарынын маңызы ачылып берилет. Өлкөнүн заманбап социалдык-экономикалык, руханий-маданий жана экологиялык абалы негизинде этноэкологиялык билимдер менен салттар жаткан экологиялык баалуулуктарды, экологиялык маданиятты пайдалануу менен баалуулуктар системасын түп-орду менен өзгөртүүнү талап кылат. Ааламдашуу шартында муундардын көп кылымдык ири тажрыйбасынын, алардын философиялык даанышмандыгынын, адамдардын этноэкологиялык билимдери менен салттарынын мааниси жогорулаган менен, алар экологиялык маданияттын калыптануу жана өнүгүү тажрыйбасында жетиштүү деңгээлде колдонулбайт. Аталган аспектиде элдердин этноэкологиялык салттарын жана коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү интеграТивдик функцияларын жүзөгө ашыруу механизмдерин изилдөө бир катар актуалдуу экологиялык маселелерди чечүүнү жөнгө салат. Демек, этноэкологиялык салттардын негизинде табияттык чөйрөнү сактоого, колдоо көрсөтүүгө багытталган жаңы адамзаттык дүйнө көз караштык багыттардын калыптануусу, татаал уюшулган социотабияттык системалардын карым-катнаштарын жөнгө салуудагы жөндөмдүүлүк – заманбап экологиялык маданияттын бирден-бир маанилүү милдеттеринен.

Белгилей кетсек, эгемендүү Кыргызстандын шарттарында этноэкологиялык салттар өзүнө маданияттын, анын ичинде адамдын, социумдун табиятка болгон карым-катнаштарынын чөйрөсүн камтыган экологиялык маданияттын бирден-бир көрүнүштөрүн камтып турат. Бул алар коомдун социотабиятынын өнүгүүсүн камсыз кылуунун зарыл социомаданий фактору катары этносоциалдык коомчулуктардын туруктуу байланыштарын уюштуруунун тарыхый-маданий формаларынын жана ыкмаларынын (нормалар, императивдер, жөнгө салуучулар, ырым-жырымдар ж.б.) жыйындысы болуп эсептелүү менен элдердин табияттык бүтүндүк менен болгон татаал бирдиктүү иш-аракеттер процессинде калыптанат. Бул жерде табият менен биргеликте тең жашоонун бай, позитивдик эле эмес, негативдик да тажрыйбасына ээ болгон элдин социалдык-экологиялык мурасын изилдөө актуалдуу болот. Андыктан

этномаданий болмуштун маанилүү түзүүчүсү болуп этностун табияттын объекттери менен көрүнүштөрүнө ыңгайлашуусунун жүрүшүндө аталган маданият тарабынан калыптанган, муундан-муунга берилүүчү орнотулган эрежелер, идеалдар, ойломдун стереотиптери жана жүрүм-турум, баалуулук-ориентациялык структуралары катары функцияланган адамдардын этноэкологиялык салттары эсептелет.

Салттуу коомдун маданий-цивилизациялык өнүгүүсү көрсөткөндөй, салттуу социалдык-экологиялык тажрыйба өзүнө экосистеманын тең салмактуулугун бузбоочу кылымдар бою иштелип чыккан жаратылышты пайдалануунун ыкмаларын, жолдорун жана жөндөмдөрүн топтойт. Экосистеманын туруктуу абалын колдоонун башкы шарты болуп социалдык-экологиялык тажрыйбанын элементтеринин ырааттуулугу, өткөрүлүп берилиши жүзөгө ашырылганда этностун экологиялык салттарын кармануу эсептелет. Табияттык чөйрөгө болгон карым-катнаштардын ыкмасы катары өзүнүн спецификасына ээ болуу менен ар кыл элдердеги этноэкологиялык салттар түрдүү табияттык-климаттык, географиялык жана социалдык-маданий шарттарда калыптанат. Бирок этноэкосалттар үчүн жалпы болуп адамдардын табияттык чөйрө аркылуу гармониялуу өнүгүүгө болгон багыт эсептелет, бул жалпы жонунан, этностордун иштелип чыккан экологиялык билимдери үчүн мүнөздүү болуп, турмуштук тескөөчүнүн формасында бекитилген.

Ушуга байланыштуу көчмөндөрдө кылымдар аралыгында табият менен болгон тең салмактуулукту, гармонияны сактоонун өзгөчө ыкмалары иштелип чыккан, алардын жашоосунун мындай образы алар өзүлөрүн ошол бүтүндүктүн бир бөлүгү катары туюп-сезишип, ага суктанышканда табият менен ажырагыс биримдикте болушуп ылайыктуу дүйнө карым-катнаштарын аныктаган. Ошентип, кыргыз-көчмөндөрдүн жашоо ишмердүүлүгү табияттык чөйрөгө түздөн-түз байланышып, аны түшүнүү аларга өзүнүн болмушун дүйнө болмушуна ылайыктоого мүмкүнчүлүк берген (Ж.К. Урманбетова, С.М. Абдрасулов). Бул табият менен болгон гармониялуу жашоо кыргыздардын болмушун калыпка салып, ага белгилүү бир багыттуулукту берет.

Табияттык чөйрө менен элдин экологиялык маданиятынын ортосундагы өз ара байланыштарды ачып берүү көрсөткөндөй, жашоо чөйрөсүнүн көп түрдүүлүгү адамдардын табиятты – чарбачылыктын салттуу ыкмалары менен сабактарын этникалык маданияттын материалдык-заттык базасын түзүүнүн негизи катары өздөштүрүү боюнча адамдардын ыңгайлаштыруучу ишмердүүлүгүнүн көп түрдүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн алгачкы тарыхый өбөлгөсү болуп эсептелет. Ошону менен катар жашоону камсыз кылуу системасына руханий маданияттын компоненттери, б.а. социотабияттык маданияттын чөйрөсүндөгү диний көрсөтмөлөр, эрежелер киргизилген, алар жашоонун, тилдин, диндин табигый шарттарынын негизинде элдин экологиясын өздүк сактоо, тарыхый эс-тутумдун аныктуулугу жана алардын этносалттарынын ырааттуулук принциптери менен өнүккөн. Этноэкологиялык салттардын бардык компоненттери дүйнө көз караштын жана этникалык өздүк аң-сезимдин жыйындуу бөлүгүн түзүшөт, коом менен табияттын гармониялуу жана тең салмактуу бирге жашоосун билдирүүчү коэволюция принцибине үндөш болгон

этноэкологиялык билимдер менен салттардын элементтерин кайра жаратуу зарыл деп эсептейбиз. Ошондуктан экологиялык маданияттын калыптануу жана өнүгүү процессинде этностордун салттары менен баалуулуктарынын актуалдашуусу жана маани берилүүсү абзел.

Коомдун экологиялык маданиятынын калыптануу маселеси этноэкологиялык аспектиде тарыхый-экологиялык, социалдык-саясий мааниге ээ болот же элдердин маданий салттарын өздөштүрүү алардын өздүк аң-сезиминин өнүгүүсү менен өзгөчө маанилүү болуп калат. Андыктан этноэкологиялык салттардын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүү тенденцияларын ачып берүү коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн концептуалдык негиздерин түзүү үчүн база катары каралып, маданий баалуулуктарды өткөрүп берүүнүн звеносу болуп эсептелүү менен дүйнө түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө башталгыч көз караштарды берет. Демек, экологиялык маданияттын этноэкологиялык салттар менен болгон өз ара байланышы, алардын жалпы принциптери, милдеттери, мазмуну руханий баалуулуктарды, адамдардын табиятка болгон карым-катнаштарын, экосистемадагы адамдын жүрүм-турумун өзгөртүүдө «коом-табият» системасынын коэволюциялык өнүгүүсүн жөнгө салуучу уникалдуу механим катары чечүүчү ролду ойной алат.

Маданий-тарыхый өнүгүүнүн диалектикасы көрсөткөндөй кыргыздардын этноэкологиялык салттары табият менен бирдиктүү иш-аракетте өнүгүп, курчап турган чөйрөгө ыңгайлашуусунун рационалдуу механизмдерине, алардын карым-катнаштарын табияттык чөйрө менен социалдык-экологиялык маалымат менен киргизилген руханий-практикалык жаратылышты коргоо чараларын жүзөгө ашыруу жолу менен тең салмактоо жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болгон. Андыктан табияттын болмушу менен байланышкан этноэкологиялык салттар философиялык-дүйнө көз караштык көз караштарга, анын болмушунун ыкмасына, алардын бирдиктүү эволюция процессинде моралдык принциптер менен нормалардын өнүгүүсүндө трансформацияланган. Аталган өңүттө биздин элдин этноэкологиялык салттары – адамдардын табияттык чөйрө менен болгон бирдиктүү иш-аракеттер процессинде топтолгон билимдердин, шык-жөндөмдөрдүн жыйындысы, алардын жардамы менен адамдар, социалдык жалпылыктар жашоо чөйрөнүн катаал шарттарында жашашып, өзүлөрүнүн биосфера менен болгон терең байланышын туюп-сезишкен.

Экологиялык баалуулуктардын калыптануусу табияттык болмуш, табигый-жаратылыштык факторлордун системасы менен тыгыз байланышта болуп, өзүнө экологиялык мүнөздөгү белгилүү этнофилософиялык, диний, социалдык-саясий, руханий-нравалык жана башка императивди камтыйт. Элдердин, анын ичинде кыргыздардын экологиялык салттары деп адамдардын табияттык чөйрөгө болгон карым-катнашы менен аныкталып, табияттык чөйрөнү кайра калыбына келтирүү, сактоону жөнгө салуучу жана муундан-муунга берилип, калыптанып адамдардын жашоо ишмердүүлүгүндө эрежелер, нормативдер, баалуулуктар, жөнгө салуучулар катары кызмат кылган этникалык маданиятты айтабыз. Демек, маданий-цивилизациялык өнүгүүнүн процессинде этноэкологиялык салттар тигил же бул маданияттын жалпы деңгээлин

чагылдыруу менен адамдардын табияттык чөйрө, социумдун табият менен болгон оптималдуу карым-катнаштарынын ыкмаларын иштеп чыгууну жөнгө салып, кыргыз элинин экологиялык маданиятынын ажырагыс курамдык бөлүгү болуп эсептелет.

Белгилей кетүүчү нерсе, этноэкологиялык салттар субъекттердин (көчмөн-кыргыздар, салттуу социум) көп жолку карым-катнаштарынын руханий-практикалык түшүндүрүлүшүнүн натыйжасы болуп, эрежелер, тыюу салуулар, тапшырмалар түрүндө, б.а. белгилүү бир тарыхый доорлордогу «экологиялык императивдин» көп түрдүүлүгү катары жүзөгө ашырылып, материалдык жана руханий маданиятка таасирин тийгизип, өзүнө өзүнүн мазмуну боюнча бай жана татаал этномаданий комплексти жана анын руханий-нравалык, нормативдик-аксиологиялык дарамети социумдар менен социотабияттык болмуштун диалектикасы менен мыйзам ченемдүү түрдө жогорулайт. Демек, этноэкологиялык салттардын системасы өзүнүн табияты боюнча улуттун же этностун маңызы, имманенттик мазмуну менен байланыштуу болуп этникалык маданияттын мүнөздүү белгилерине ылайык келет; этноэкологиялык салттарда берилген руханий көрүнүштөр, анын ичинде өз алдынчалуулук, улуттук-этникалык идеал, биздин этностун дүйнөсүн жекече көрүү, адамдардын табиятка болгон баалуулук багыттарын сактоо, жаңылоо, байытуу коомдун экологиялык маданиятын калыптандыруудагы маанилүү шарттардан болуп эсептелет.

Ошентип, кылымдар бою иштелип чыккан этностордун этноэкологиялык салттарынын баалуулуктары өзүнө социалдык-экологиялык мамилелердин, моралдык баалуулуктардын, нормалардын жана коомдун табияттык чөйрө менен болгон бирдиктүү иш-аракеттеринин ыкмалар системасын камтыган Кыргызстандагы экологиялык маданияттын калыптануусун жана өнүгүүсүн жөнгө салып, адамдын алынган экологиялык билимдерди жана шык-жөндөмдөрдү практикалык ишмердүүлүктө аң-сезимдүү пайдалануу жөндөмдүүлүктөрүн билдирет. Этноэкологиялык салттар адамдардын рухий-нравалык сапаттарынын өнүгүүсүн билдирип, коомдун табият менен болгон бирдиктүү иш-аракеттеринин гуманистик-баалуулук механизмин камсыз кылат жана өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген бирден-бир шарт болуп эсептелет. Ошондуктан жаңы экологиялык аң-сезимди жана экологиялык маданиятты калыптандырууда этностун салттуу социомаданий, тарыхый тажрыйбасын илим жана техника жаатындагы адамзаттын жаңы жетишкендиктери менен бириктирүү зарыл, рухий-нравалык баалуулуктардын, маданияттын жана билим берүүнүн ж.б. өнүгүүсү элдин өзүнүн болмушунун фундаменталдуу, негиздүү принциптери менен толук макулдашат.

Үчүнчү баптын «**Экологиялык маданият Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүнүн өбөлгөсү катары»** деп аталган экинчи параграфында коомдун туруктуу өнүгүүсүндөгү экологиялык маданияттын ролу көрсөтүлгөн. Заманбап цивилизациянын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө көрсөткөндөй, дүйнөдөгү кырдаал экосистемага салттуу рационалдык эмес жаратылышты пайдалануунун, адамдардын табиятка кылган акыл-эссиз мамилеси, курчап турган чөйрөнүн глобалдык булгануу коркунучун жаратуучу болуп калды, ал

адамзатты глобалдык экологиялык-кризистик кырдаалга жана башка экологиялык маселелерге алып келет. Ушуга байланыштуу 1987-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясынын курчап турган чөйрө жана өнүгүү боюнча Эл аралык комиссиянын отурумунда туруктуу өнүгүүнүн жана ага жетүү боюнча сунуштамалар боюнча жаңы Концепцисы сунуш кылынган.

Аталган контекстте биздин өлкөдөгү туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн «Өнүгүүнүн комплекстүү негизи» (2001-ж.) жана «Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы» (2013-2017-жж.) программалары кабыл алынып, Кыргызстандын өнүгүүсүнүн узак мөөнөттүү программасын иштеп чыгууга мүмкүн болуп, эл аралык коомчулук тарабынан кабыл алынган программалык документтердин негизинде туруктуу өнүгүүгө жетүү боюнча эл аралык интеграциялык процесстерге активдүү кирүүсү үчүн маанилүү багыт болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө өтүү экологиялык фактордун коомдук өнүгүүнүн негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр системасына кирүү зарылдыгын пайда кылат. Белгилей кетсек, биздин республикада экономика жетиштүү деңгээлде өнүкпөй жаткан мезгилде, экологиялык маданият жаратылыш ресурстарынын, топтолгон социалдык байлыктын эсебинен жашоо маданияты гана болуп, адам ар бир кадам сайын  жеке болмуштун фундаменталдуу негиздерин бузат. Аны экологиялык этиканын ылайык келбөөчү деңгээли, жаратылыш байлыктарын жана ресурстарын пайдалануунун жөнөкөй маданиятынын жетишсиздиги шарттап, көңүл борборуна элдик экологиялык салттар менен адаттардын баалуулуктары алынбастан, алар адамдардын экологиялык ишмердүүлүгүндө четке кагылат.

Коом менен табияттын тең салмактуу өнүгүүсү үчүн “Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдардагы туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы” аттуу жаңы долбоорунда табияттын мүмкүнчүлүктөрү менен базар (“жашыл”), цифралык экономиканын  өсүүсүнүн өз ара байланышын жана өсүү ылдамдыктарын эске алуу менен социотабияттык системадагы адамдардын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүн экологиялаштыруу талап кылынып, соционатурэкосистеманын жана гармониялуу тең болмуштун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу социомаданий, технологиялык, экологиялык ж.б. шарттарды түзүү сунушталат жана аларды чечүүнүн маселелери каралган. Аталган долбоордо Кыргызстан 2040 – жылы региондун адам приоритетине – өлкөнүн өнүгүү стратегиясынын башкы максаты катары көрсөтмөсү менен региондо эң коопсуз жана ыңгайлуу, өз алдынча жана уникалдуу маданияты бар өлкө болуусу керек. Аталган максаттардын ишке ашуусу үчүн, биздин пикирибизде, өлкө цивилизациялуу коомдун экоборбордук экологиялык маданиятынын калыптануусу менен тең салмактуу социотабияттык, маданий, экономикалык өнүгүү жолуна өтүүсү керек. Аталган өңүттө экологиялык маданият социумдун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу, табияттын маанилүүлүгүн башат жана адамдын материалдык, руханий болмушунун негизин таануучу, руханий-нравалык баалуулуктарга негизделген коом менен табияттын ишенимдүү карым-катнашы үчүн шарт болуп эсептелет. Ал үчүн социотабияттык чөйрөнүн биримдиги менен бүтүндүгүн максаттуу

камсыз кылып, аларды Кыргызстандагы коом менен табияттын коэволюциясынын актуалдуу маселелерин чечүүнү жөнгө салуучу экологиялык маданияттын жардамы менен туруктуу өнүгүүнүн органикалык системасына байланыштырат.

Зарыл болгон туруктуу өнүккөн коомду түзүү – бул баарынан мурда, анын маданиятынын, о.э. экологиялык маданиятынын оптималдуу өнүгүүсү. Ошондуктан кыргызстандык коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн жаңы максаттарын аңдап билүү социотабияттын өнүгүү процессинде чечилген деп боолголонуучу көптөгөн маселелерди көрүү ракурсун өзгөртөт. Республиканын туруктуу өнүгүү маселесин анализдөө көрсөткөндөй, ар кыл системалардын, анын ичинде социотабияттык системанын өнүгүүсүн жөнгө салуучу ар кыл механизмдер бар, алардын бирөөсү болуп коэволюциялык-ыңгайлашуучулук механимдерди кеңири пайдалануу менен социумдун экологиялык маданиятынын түптөлүүсү жана калыптануусу болот алат.

Кыргызстандын заманбап маданий-цивилизациялык өнүгүүсү көрсөткөндөй, экологиялык маданияттын баалуулуктары бардык түзүлгөн социотабияттык системаны түп-орду менен өзгөртүү, социалдык-экономикалык өнүгүүнү туруктуу өнүгүү аркылуу социалдык-экономикалык өнүгүүнү, предметтердин, көрүнүштөрдүн тең болмушунун жана социотабияттын процесстеринин коадаптациялык ыкмаларын пайдалануучу социоэкологиялык бирдиктүү иш-аракеттин оптималдуулугун көтөрүүнү камсыз кылууга багытталган. Андыктан коомдун, анын ичинде биздин өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү экологиялык маселелерди чечүүнүн жаңы эффективдүү механизмдеринин жана жолдорунун жардамы менен локалдык эле эмес, глобалдык деңгээлдерде болуусу керек. Туруктуу өнүгүү үчүн анын ар кыл аспектилеринде – социалдык-экономикалык, руханий-маданий, саясий, экологиялык ж.б.у.с. оптималдуулук, толеранттуулук жана гумандуулук принциптерин киргизүү зарыл.

Экологиялык болмуштун стратегиялык программасы туруктуу өнүгүүнүн Концепциясынын зарыл компоненти катары караларын белгилей кетүү абзел. Ошондуктан Кыргызстандын шартындагы туруктуу өнүгүү Концепциясы өзүнө төмөнкүдөй пункттарды камтып туруусу зарыл: экономиканын өсүүсү өлкөнүн социалдык-экологиялык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келүүсү, экологиялык билим берүнүүн активдешүүсү; экологиялык маданияттын руханий – нравалык багыттары менен экологиялык маданияттын андан аркы өнүгүүсү. Тажрыйба көрсөткөндөй биздин коом адам, табияттык чөйрө, табият жана социум ортосундагы бузулган тең салмактуулукту калыбына келтирүү боюнча милдеттерди жүзөгө ашырууда өнүгүүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн, социалдык-маданий, экологиялык өнүгүүсүн эске алуу керек. Аталган процесс эгерде экологиялык маданияттын калыптануу каражаттары менен өз ара байланышкан комплексттерди камтыган адекваттуу экологиялык билимдерди, салттарды өздөштүрүүнүн өнүккөн системасы да калыптанганда ийгиликтүү болот.

Ааламдашуу шарттарында маданий-цивилизациялык өнүгүүнүн жаңы негиздерине өтүү туурасындагы маселе кабыргасынан коюлат, анткени

адамзаттын өнүгүүсүнүн кийинки парадигмасы жана андан жаралган социалдык-экономикалык жана демографиялык өсүү модели өзүн актаган жок. Аталган маселелерди чечүү социотабияттын коэволюциялык өнүгүүсүнүн философиялык маанисине негизделген коом менен табияттын оз ара байланышында табияттын болмушунун механизмдеринин эффективдүү функцияланyуусу, б.а. элдердин, анын ичинде кыргыздардын экологиялык маданияттын өнүккөн системасында экологиялык баалуулуктарды, салттарды кеңири пайдаланууда мүмкүн болот. Демек, Кыргызстанда иштелип чыккан “2018-2040-жылдары туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясы” приоритеттүү багыт катары өнүккөн экологиялык маданияттын калыптануусу, анын руханий-нравалык, баалуулук-гуманистик дараметинин байытылышы катары бөлүп көрсөтүүсү абзел же ал “коом-табият” системасындагы өз ара карым-катнаштардын оптималдаштырылуусундагы маанилүү фактор болуп эсептелет. Андыктан экологиялык маданияттын өнүгүүсү – адамдардын руханий-нравалык дүйнөсүндөгү татаал, көп аспектилүү, карама-каршылыктуу процессиндеги социалдык-нравалык баалуулуктардын, ынанымдардын, императивдердин калыптануусу, алардын жүзөгө ашырылуусу курчап турган чөйрөнү, экологиялык коопсуздукту жана экологиялык жыргалчылыкты сактоону камсыз кылып, өзүнө дүйнөлүк коомчулуктун субъекттеринин бардык маданий жетишкендиктеринин баалуулук багыттарын камтып, социотабияттын жана глобалдык-цивилизациялык маданияттын гармониялуу өнүгүүсүн камсыз кылат.

Туруктуу өнүгүү Концепциясында Кыргызстандын шартында бирден-бир приоритеттерден болуп коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусу болуп, тең салмактуу социотабигый, б.а. коомдун экологиялык маданиятынын динамикалык өнүгүүсүн камсыз кылуусу зарыл. Андыктан туруктуу өнүгүү өзүнө социотабияттын диалектикасынын жаратылышты пайдалануунун салттуу ыкмасынын радикалдуу өзгөрүүсү, адамдык кызыкчылыктардын табияттын кызыкчылыктарына өтүүсүнүн коадаптациялык жолун камтып, анын мүмкүнчүлүктөрү, туруксуз эмес өнүгүүдөн социотабияттын коэволюциялык өнүгүүсүнө өтүүсү менен макулдашат. Ошентип, маданий-цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта жайылуу менен адамдардын жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүнүн заманбап трансформациялануу контекстинде туруктуу өнүгүү феномени коомдун өнүгүүсүнүн бардык аспектилеринде жеке социотабигый система менен коопсуз көрүнүп, экологиялык маданияттын болмушун анын андан аркы динамикалык өнүгүүсүнүн өбөлгөлөрү катары камсыз кылат.

Заманбап коомдун, анын ичинде Кыргызстандын туруктуу өнүгүү Концепциясы табияттык чөйрөнүн абалын социалдык приоритеттер, милдеттер менен макулдашуусун жана калктын жашоосунун деңгээли менен сапатын жогорулатуусун билдирет. Андан тышкары өлкөнүн туруктуу өнүгүү маселесине жаңы ыкма зарыл, биз аны адамдардын жашоо образынын өзгөрүүсү, руханийликтин жаралуусу, ааламдашуу шарттарындагы социотабияттык карым-катнаштардагы баалуулук-гуманистик багыттар менен байланыштырабыз. Демек, Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүнүн объективдүү

зарылчылыгы экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн негизи болуп эсептелген социотабияттык карым-катнаштардын курчушу, байытылуусу менен ажырагыс байланышта. Ошол эле мезгилде экологиялык маселелерге социалдык-эпистемологиялык талдоо жүргүзүү кайсыл социалдык-экономикалык, идеологиялык, экомаданий өбөлгөлөр өлкөнүн реалдуу туруктуу өнүгүүсүнүн реалдуулугун шарттарын тактоосу керек.

Демек, туруктуу өнүгүү стратегиясындагы экологиялык маданияттын ролуна маани берүү функционалдык мааниге ээ болот, же анда адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн материалдык, рухий, теоретикалык жана практикалык тараптары тыгыз байланышкан. Андыктан экологиялык маданияттын материалдык тарабы экологиялык технология менен техникада, экономиканын функцияланышуусунун бардык системасында жүзөгө ашырылат. Экологиялык маданияттын рухий тарабы болсо экологиялык этикада, экологиялык нравалуулукта жана руханийлүүлүктүн башка баалуулуктарында көрүнүп, анын постулаттарында экологиялык укук, экологиялык саясат, стратегия ж.б.у.с. топтолот. Айдан ачык болгондой, коомдун туруктуу өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр курчап турган табияттык чөйрө менен болгон гармония жолунда гана жүзөгө ашырылат, б.а. туруктуу өнүгүү экологиялык маданияттын өнүгүү шарттарында гана мүмкүн болот, ал эми экологиялык маданият туруктуу өнүгүү жолу менен гана алдыга жыла алат. Ошондуктан экологиялык маданият жана туруктуу өнүгүү түшүнүгү бир тараптуу болуп эсептелип, социотабияттык мамилелердин гармониялашуусунун бир эле процессинин ар кыл аспектилерин чагылдырат. Демек, экологиялык маданиятты туруктуу өнүгүүнүн маданияты катары кароого болот.

Адамзаттын туруктуу экологиялык өнүгүүгө өтүү процессинде экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн бардык функцияларын, тараптарын, аспектилерин актуалдаштыруу, коомдо үстөмдүк кылуучу материалдык, руханий жан башка социалдык-экологиялык баалуулуктарга кайра маани берүү, аталган жыйынтыктарда экологиялык ишмердүүлүктү жана экологиялык багыттагы өндүрүштү өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ. Бул жерде экологиялык маданияттын социотабияттын туруктуу өнүгүүсүнүн өбөлгөлөрү катары маанилүүлүгү айныксыз. Ошондуктан коомдун туруктуу өнүгүү феноменин социалдык-экологиялык туруктуу көрүнүш же экологиялык маданият доминанты бар коом катары кароого мүмкүн болот.

Ошентип, экологиялык маданият бирден-бир келечектүү негиздерден болуп эсептелет. Коомдун туруктуу өнүгүү стратегиясы адамдын табиятка болгон карым-катнаштарын кайра кароону, экология философиясында социалдык-экологиялык баалуулуктарга маани берүүнүн жаңы системасын бекитүүнү билдирет. Аны менен бирге «экологиялык маданият» жана «коомдун туруктуу өнүгүүсү» түшүнүктөрү маңыздык-мазмундук мааниси боюнча «коом-табият» системасында «субъект-объекттик» карым-катнаштардын гармониялаштыруу жана гумандаштыруунун бир эле объективдүү процессинин ар кыл аспектилерин (өз ара байланышкан) чагылдырат. Демек, экологиялык маданиятты коомдун туруктуу өнүгүү контекстинде дүйнөлүк коомчулуктун субъекттеринин, анын ичинде Кыргыз Республикасынын реалийлерин эске

алып, социомаданий баалуулуктардын эффективдүү, туруктуу өнүгүүсү менен социалдык, маданий-цивилизациялык өнүгүүнүн жаңы деңгээлине өтүүсүнүн маданий-руханий механизми катары кароого болот.

Үчүнчү баптын **«Ааламдашуу шартындагы экологиялык маданияттын аксиологиялык мааниси»** аттуу үчүнчү параграфында ааламдашуу шартындагы социотабияттын болмушу процессиндеги экологиялык маданияттын мааниси көрсөтүлгөн. Заманбап экологиялык кырдаалдын курчуу шарттарында экологиялык маданияттын элементтеринин өз ара байланыш процесстери бүткүл дүйнөнү камтып, маданий бирдиктүү иш-аракеттердин масштабдуулугу жана тереңдиги улам кеңейип, натыйжасында кыйла өнүккөн экологиялык маданият калыптанат. Ошондуктан ал ааламдашуучулук процесстердин ар кыл таасирлерин башынан кечирген жаңы, кыйла ар тараптуу маңыздык ченемдерди, этномаданий көп түрдүүлүктү кабыл алат. Андыктан экологиялык ишмердүүлүктүн субъекттери тараптан оң жактуу эффекттерди эле эмес, терс жактуу да көрүнүштөрдү эске алуу менен дүйнөлүк глобалдык интеграциялоочу процесстердеги адамзаттык, социалдык жана табияттык социотабияттык болмуштун иманенттик мазмунуна кайра баа берүүнүн объективдүү зарылчылыгын эске алуу менен экологиялык маданияттын ролун аныктоо зарыл.

Белгилей кетсек, экологиялык маданияттын өнүгүүсү ааламдашуу мезгилинде – объективдүү, көп тараптуу, татаал, руханий процесс, бирок заманбап адам, коом, маданий-цивилизациялык өнүгүү, элдердин болмушу, алардын өзгөчөлүгү экологиялык маданиятка белгилүү бир радикалдуу өзгөрүүлөрдү киргизет. Ааламдашуу шарттарындагы экологиялык маданияттын аксиологиялык маанисин ачып берүүдө анын иманенттик мазмуну «коом-табият» системасынын диалектикасына маани берүү өзгөчө механизминин ыкмаларын билдирген негизги функцияларын кароо менен ачылып берилет. Ошентип, экологиялык маданияттын эволюциялык мазмунунда баарынан мурда анын функционалдык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарыл. Аталган өңүттө коом менен инсандын багыттуулугун, экологиялык дараметинин баалуулугун ачып берүүчү экологиялык маданияттын төмөнкүдөй функцияларын бөлүп көрсөтүү максатка ылайык келет: таанымдык (же гносеологиялык), дүйнө көз караштык, нравалык-этикалык, аксиологиялык, маалыматтык, гуманистик ж.б. жана алар адамдардын, социумдун социалдык-экологиялык б.а. кайра түзүүчүлүк, экономикалык жана коммуникативдик ж.б.жетишкендиктери менен байланышып жүзөгө ашырылат.

Экологиялык маданияттын таанымдык функциясынын маанилүүлүгү ал табияттык чөйрөнүн, социотабияттын функциялануусунун мыйзамдары, оптималдуу табиятты пайдалануу боюнча формалар менен методдор тууралуу билимдердин дайыма толукталып туруусун талап кылат, ал эми экологиялык маданияттын коммуникативдик функциясы муундан-муунга социалдык-экологиялык маанидеги маалыматты өткөрүп берүүнү камсыз кылат. Алар менен жөнгө салуучулук (регулятивдик) функция да тыгыз байланышкан, ал нормалардын, эрежелердин аныктоосун, б.а. адамдын, социумдун «коом-табият» системасындагы социалдык-экологиялык жүрүм-

турумунун чектерин билдирет. Ошону менен бирге экологиялык маданияттын ыңгайлашуучулук функциясы өзүнө адамдын табиятка болгон мурунку ыңгайлашуу ыкмалары өзүнүн жетишсиздигин, иррационалдуулугун жана дисфункционалдуулугун тапкан учурдагы ыңгайлашуунун спецификалык ыкмасын камтып турат, ал эми анын дүйнө көз караштык функциясы экологиялык жана башка билимдердин чөйрөлөрүнүн ортосундагы тыгыз байланышты орнотууну, андан тышкары курчап турган дүйнөгө баа берүү критерийлерин, андагы ишмердүүлүк ыкмаларын, инсандын баалуулук ориентацияларын иштеп чыгууну жөнгө салат.

Ошону менен бирге экологиялык маданияттын өнүгүүсүнөн экологиялык маселелерди чечүүдө, өзүнө табияттык чөйрөнүн абалына жоопкерчиликтик алууда көрүнгөн инсандын экологиялык ойломунун, аң-сезиминин, нравалык жана руханий баалуулуктарынын өнүгүүсүнүн деңгээлинен көз каранды болот. Демек, анын аксиологиялык функциясы адамдарды, социумдарды табият менен болгон көп тараптуу байланышка багыттап, мотивациялоо менен баарынан мурда, коомдук идеалдар, субъекттердин баалуулук ориентациялары, материалдык жана руханий маданияттын жетишкендиктери формасында пайда болуп, ааламдашуу шартындагы «коом-табият» системасын өздөштүрүүдөгү алардын ролун көрсөтөт. Экологиялык маданият өзүнө жогоруда көрсөтүлгөн функцияларды камтуу менен адамдын, социумдун этномаданий системадагы интегративдик инсандык сапаты, социалдык сапаттардын жыйындысынын натыйжасында анын гармониялуу өнүгүү ыкмасы катары берилет. Аталган процессте экологиялык маданият системалуулука, бүтүндүккө жана баалуулук-багыттуулукка, өздүк башкарууга жана жөнгө салууга жана албетте, ааламдашуучулук процесстерди эске алуу менен социумдун бардык субъекттеринин социалдык маанидеги экологиялык ишмердүүлүгүнүн жогорку эффективдүүлүгүн функционалдык жактан камсыз кылууга жөндөмдүү болуп калган.

Белгилей кетүүчү нерсе, экологиялык маданияттын баалуулук ориентацияларынын калыптануусунда жалпы интеллектуалдык, андан тышкары экологиялык жөндөмдөрдүн (экологиялык кырдаалды анализдөө, баа берүү, анын өнүгүүсүн прогноздоо, аны жакшыртуу боюнча иштиктүү чараларды кабыл алуу) өнүгүүсү маанилүү болуп эсептелет, ал адамдардын табиятка, мотивацияга, кызыкчылыктарга, моралга, социотабиятты гармониялаштыруу зарылчылыгындагы ишенимдүүлүгүнө болгон карым-катнаштарына таандык. Экологиялык маданият өзүнө чындыкты баалуулук өздөштүрүү ыкмасын, жаңы маңыздарды, билимдерди, баалуулуктарды, аларды сактоону жана өткөрүп берүүнү камтып турат. Андыктан болгон баалуулуктар системасына фундаменталдуу баа берүү, табиятка болгон баалуулук карым-катнашты өзгөртүү, аталган негизде табиятка болгон карым-катнаштарды жөнгө салуучу нормалардын жаңы системасында бекитүү – заманбап экологиялык маданияттын бирден-бир маанилүү милдеттеринен. Ошондуктан экологиялык маданияттын баалуулуктар системасынын бүтүн системасын түзүү коомдун экологиялык приоритеттерге ээ болуусу менен кыйла терең руханий байытылуусун жөнгө салат.

Руханий өндүрүштүн өнүгүүсү экологиялык маданияттын өнүгүүсүнүн критерийи болуп эсептелген руханий-экологиялык баалуулуктардын ыкмаларын олуттуу өзгөртүүдө байкалат. Этномаданий өнүгүүнү жөнгө салуучу баалуулук-нормативдик императивдерди пайдалануу экологиялык өздөштүрүүнү табияттык системалардын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн таанымынан максаттуу, чыгармачыл ишмердүүлүктүн контекстиндеги аталган мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөөгө болгон кайра багыттоосуна бурат. Ошентип, оптималдуу этномаданий өнүгүү экологиялык маданияттын аксиологиялык процессинин бирден-бир тарабы болуп эсептелет, ал глобалдуу экологиялык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтөт. Экологиялык маданияттын өзү руханий жана материалдык баалуулуктарды кайра иштеп чыгууга жана мурунку муундар тарабынан табияттык чөйрө менен бирдиктүү иш-аракетте топтолгон экологиялык билимдерди пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн пайда болуусуна жардам берет. Арсеналында адамзат тарабынан билимдер, материалдык жана руханий баалуулуктар түрүндө топтолгон ири байлыктар турган экологиялык маданият, анын ичинде этноэкомаданият, андан тышкары мурунку жана кийинки муундардын социомаданий тажрыйбасы экологиялык маселенин тигил же бул аспектисин чечүүдөгү кыйла ыңгайлуу жолдору менен ыкмаларын ачып берүүгө шарт түзөт.

Экологиялык маданият субъекттердин дүйнөнүн ишмердүүлүгүн бүтүн таануу, адамдын табияттык чөйрөдөгү болмушунун универсалдуу ыкмасы катары өзүндө болмуштун руханий-нравалык, баалуулук-гуманистик негизди аккумуляциялайт. Анда өзүнө жалпы менен конкреттүүнүн, өз алдынчалуулук менен маданият жаратуучулук импульстун, өткөндүн, азыркынын жана келечектин биримдигин айкалыштыруучу экологиялык маданияттын нукура маңызы жана милдеттери катылып турат. Ошол өңүттө гуманизм, терең руханий-нравалык, дүйнө көз караштык терең рефлексияга аракет кылуу сыяктуу маңыз-мазмундук баалуулуктарды сактоо маанилүү болуп эсептелет. Бул жерде белгилей кетсек, экологиялык маданияттын баалуулуктары дүйнө түшүнүмдү жана дүйнө көз караштык көрсөтмөлөрдү өнүктүрүп, практикалык, руханий-рефлексивдик таанымдын, табияттык, социотабияттык реалдуулуктун объекттерин, көрүнүштөрүн жана процесстерин өздөштүрүүнүн турмуштук зарылчылыгын көрсөтөт. Экологиялык маданияттын баалуулук аспектиси табияттык чөйрөгө болгон нравалык жана эстетикалык карым-катнашты калыптандырып, ашыкча рационалдуулукту, керектөөчүлүктү багындырып, экологиялык мүнөздөгү императивге, зордук-зомбулуктун бардык көрүнүштөрүнө, анын ичинде табиятка карата да жасалган кыянатчылдыкты токтотууга багытталган. Ушул көз карашта экологиялык маданияттын аксиологиялык ролу адам менен коомдун табият менен болгон карым-катнаштарынын максаттуу багыттуулугун, маданияттын бардык түрлөрүн, аң-сезимдин, адамдардын ишмердүүлүктөрүнүн башка чөйрөлөрүн экологиялаштырууну стимулдаштырууну билдирүүсү керек.

Белгилей кетсек, экологиялык маданияттын аксиологиялык ченеми заманбап ааламдашуучулук коомдун экологиялык маселелерин чечүүнүн башкы шарты жана өбөлгөсү катары кызмат кылат. Коомдун экологиялык

маданиятынын баалуулуктары материалдык жана руханий өндүрүштүн негизги жөнгө салуучулары иретинде социумдун экологиялык дараметин жогорулатуунун олуттуу доминанты катары кызмат кыла алат. Аталган өңүттө Кыргызстандын өнүгүүсүнүн заманбап этабында экологиялык маданияттын калыптануусу, анын руханий-нравалык аспектиси маанилүү орунда турат, б.а. анда адамдын табиятка, өзүнө, башка адамдарга болгон баалуулук карым-катнашы чагылдырылат. Андыктан эске ала кетүүчү нерсе, экологиялык маданият бирдиктүү иш алып баруучу факторлордон турат: моралдык талаптарды түзүү, өткөрүп берүү, өздөштүрүү, чыгармачылык кайра өзгөртүү боюнча коомдук ишмердүүлүктүн (экологиялык багытталган) спецификалык түрү; аталган ишмердүүлүктө пайда болгон индивиддердин конкреттүү иш-аракеттеринде, карым-катнаштарында жана табияттык чөйрөгө карата социалдык коомчулуктарда жүзөгө ашырылуучу идеалдардын, принциптердин, нормалардын жыйындысы; социалдык-экологиялык баалуулуктарды түзүү, өздөштүрүү жана өркүндөтүү боюнча ишмердүүлүктүн негизинде жүзөгө ашырылуучу коом менен адамдын руханий-нравалык өнүгүү процесси.

Экологиялык маданият өзүнө адам менен табияттык чөйрөнүн ортосундагы карым-катнаштардын өнүгүүсүнө байланыштуу жаратмандык, конструктивдик, тең чыгармачылык мүнөздү камтып, адамдын коомдун туруктуу өнүгүү ишмердүүлүгүнө кирүү ченемин жана ыкмасын билдирет. Демек, экологиялык маданият жана анын имманенттүү баалуулугу ааламдашуу процессинде социотабияттын гармониялуу өнүгүүсү үчүн өзүнүн баалуулуктарын өткөрүп берүү шарты катары абдан маанилүү жана коомдун социотабияттык өнүгүүсүнүн жаңы парадигмасына өтүүсүндө үстөмдүк кылуучу ролду ойношу керек. Андыктан экологиялык маданияттын ролун философиялык-методологиялык өңүттө аныктоо – бул анын маңызын, адам менен табияттын карым-катнаштарынын мазмунун жана маанисин, анын адам болмушу менен байланышын, тарыхый милдети, андан тышкары табияттык чөйрөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү менен ачып берүү.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, экологиялык маданият адамдардын табиятка болгон руханий-нравалык карым-катнаштарынын өзгөчөлүктөрүн анын экологиялык билим берүү, терең экологиялык агартуучулукту калыптандыруу аркылуу өнүгүүсүн аныктайт. Демек, экологиялык билим берүүнүн максаттары коомдун руханий-нравалык, социалдык-экологиялык чыңдалуусу үчүн руханий, теоретикалык-таанымдык өбөлгөлөрдү аныктоо, өнүккөн экологиялык маданият жөнгө сала турган жаңы маалыматтык-экологиялык коомдун калыптануусу менен экологиялык маселелерди чечүү үчүн шарттарды түзүү менен байланышта болуусу абзел. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын экологиялык саясат боюнча приоритеттүү программаларында, өзгөчө талкууга алынган «2018-2040-жж. Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы» коом менен табияттын тең салмактуу өнүгүүсү үчүн «Таза Коом. Жаңы Доор» долбоорунда экологиялык билим берүүнүн ааламдашуу шарттарындагы узак мөөнөттүү экологиялык туруктуулукту камсыз кылуучу экологиялык маданияттын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн бирден-бир башкы фактору катары, анын гуманистик,

аксиологиялык жана дүйнө көз караштык, таанымдык аспектилерин негиздөө зарыл. Демек, экологиялык билим берүү кыргыз коомунун трансформациялануу контекстинде экологиялык маданияттын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болуп эсептелүү менен «коом-табият» системасынын кыймылынын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тенденцияларын таануунун өзгөчө баскычы болуп, Кыргызстанда көп аспекттүү мүнөздү алып жүргөн экологиялык маданияттын жаңы моделин түзүүгө шарт түзөт.

Коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин маселесин изилдөө бизди адам менен табияттын гармониялуу өнүгүүсү, алардын болмушу заманбап цивилизациянын өнүгүүсүнө ылайык келүүчү экологиялык маданиятты калыптандыруусуз мүмкүн эместигине ынандырат. Демек экологиялык маданияттын аксиологиялык мазмуну, адамдын, социумдун жана табияттык чөйрөнүн адамдын табиятка болгон гармониялуу карым-катнаштарынын табиятты пайдалануудагы негиздерди иштеп чыгуу үчүн өзүнүн баалуулуктарын калыптандыруу жана өткөрүп берүү менен коэволюциялык өнүгүүсүн жөнгө салат. Андыктан ааламдашуу шарттарында баалуулуктар системасынын ажырагыс элементи катары экологиялык маданияттын приоритеттүү функциясы болуп социотабияттык реалдуулуктун бирдиктүү, тең салмактуу өнүгүүсү үчүн руханий-нравалык, дүйнө көз караштык-гуманистик баалуулук багыттарды түзүү эсептелет.

**Корутундуда изилдөөнүн төмөнкүдөй логикалык жыйынтыктары чыгарылды:**

1. Аталган иште маданий-цивилизациялык процесстин контекстиндеги экологиялык маданият феноменине карата философиялык маани берүүнүн теоретикалык ыкмаларынын кеңири спектри берилген. Классикалык философиядагы экологиялык маданияттын эволюциялык маңызына болгон тарыхый-логикалык ыкма көрсөткөндөй, экологиялык маданият феномени ар кыл аспектилерде каралып «экосистема», «табияттын баалуулугу», «социотабияттын феноменалдуулугу», «коом-табият» системасы, «коом менен табияттын коэволюциясы», «экологиялык ишмердүүлүк», «экологиялык гуманизм» ж.б. түшүнүктөр менен байланышкан. Андыктан экологиялык маданияттын маңызынын философиялык-методологиялык экспликациясы ар кыл аспекттүү, конкреттүү-тарыхый, карама-каршылыктуу, этникалык мүнөздү алып жүрөт.

2. Экологиялык маселелер, экология философиясынын, социалдык экологиянын түшүнүктүк-категориалдык аппараты, анын ичинде «экологиялык маданият» түшүнүгү көптөгөн ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн изилдөөлөрүнүн объектиси болуп калды. Андыктан философтор, методологдор, маданият таануучулар ж.б. социалдык-гуманитардык жана табигый илимдердин (өзгөчө экологиялык) өкүлдөрү экология философиясынын ар кыл түшүнүктөрүн (мисалы, экологиялык аң-сезим, экологиялык ойлом, экологиялык дүйнө көз караш, экологиялык баалуулук, эконравалык маданият ж.б.) кароо менен түз же кыйыр түрүндө экологиялык маданияттын маңызы жана имманенттик мазмуну

сыяктуу маанилүү маселени изилдешкен. Ушуга байланыштуу биздин изилдөөчүлөр экологиялык маданияттын аксиологиясына өзгөчө көңүл бурушуп, аталган феномендин ролун адамдын, социумдун жана табияттык чөйрөнүн карым-катнаштарынын илимий картинасын түзүүдө көрсөтүшкөн.

3. Экологиялык маданиятты изилдөөдөгү эпистемологиялык, концептуалдуу, аксиологиялык ыкма философия социотабияттык бүтүндүктүн диалектикалык дүйнөсүн системалуу изилдөөнү жөнгө сала тургандыгын аныктоого шарт түзөт. «Коом-табият» системасынын диалектикасынын проекциясындагы экологиялык маданияттын өнүгүүсүнө анализ берүү көрсөткөндөй, экологиялык маданияттын негизги мүнөздөмөсү катары анын кээ бир элементтерин, ааламдашуучулугун, келечеке болгон багытын, табиятты артыкчылык катары андап билүүсүн, экологиялык карым-катнаштардын бардык системасындагы динамикалык тен салмактуулука колдоо көрсөтүү стратегиялык программасын иштеп чыгуусун эле эмес, жалпы эле бардык экомаданиятты түзүүдөгү аң-сезимдүүлүк катары ачып берет. «Экологиялык маданият» феномени көп түрдүүлүктүн (филогенездик, тарыхый-антропологиялык жана социалдык-экологиялык, руханий-гуманистик) конкреттүү окшоштугу катары өзүнө диалектикалык өнүккөн процессти камтып, адамдын, коомдун жана табияттын өз ара карым-катнаштарынын татаал дүйнөсүн чагылдырат. Экологиялык маданият маданий-цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта адамдын, коом менен табияттын со-болмушун, тең чыгармачылыгынын диалектикалык өнүгүүсүнүн руханий көрсөткүчүн камтып турат.

4. Коомдун экологиялык маданият феноменинин бүтүндүгүн жаратуучу негизги аспектилерден болуп төмөнкүлөр эсептелет: активдүү таанымдык процесс катары кызмат кылган болмуштун гносеологиялык, коэволюциялык принцибине ылайык спецификалык ыкма катары онтологиялык ыкма эсептелет. Аталган компоненттердин өз ара байланышы жана шарттуулугу экологиялык маданиятты адам (адамдар, социумдар) тарабынан түзүлгөн жана ошону менен бирге анын жашоо ыкмасына таасирин тийгизүүчү объективдүү реалдуулук катары аныктайт. Экологиялык маданияттын болмушунун онтологиялык аспектиси мындай феномен реалдуу руханий көрүнүш, социалдык-экономикалык баалуулуктар дүйнөсүндөгү зарыл процесс катары эсептелип, социотабияттын өз ара карым-катнаштарынын өркүндөтүлүүсүнүн стратегиялык парадигмаларын иштеп чыгууну жөнгө салат. Гносеологиялык аспект экологиялык маданияттын түшүнүктүк статусун билдирүү менен экологиялык реалдуулуктун теоретикалык-таанымдык моделин түзүүгө, экологиялык маданияттын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн динамикасы менен өбөлгөлөрүн илимий жактан негиздөөгө шарт түзөт.

5. Экологиялык маданияттын эволюциялык маңызын изилдөө көрсөткөндөй, ал интегралдык сапат, көп түрдүүлүктүн биримдиги катары татаал структурага ээ болуп, адамдардагы экологиялык билимди, экологиялык ойломду, экологиялык билим берүүнү, экологиялык ан-сезимди, экологиялык дүйнө көз караштты ж.б.у.с. максаттуу калыптандыруу менен, табиятка, социотабиятка болгон социалдык-экологиялык, моралдык-укуктук көз

караштарды, андагы адамдын, социумдун ордун аныктайт. «Коом-табият» системасынын бүтүндүгүндө негизделген экологиялык маданияттын курамдык (негизги) элементтерин изилдеп, аларды жекече жана салыштырмалуулукта кароо менен төмөнкүдөй жыйынтыка келүүгө болот, алар адекваттуу түрдө адамдардын, социумдардын жана коомдун табиятка болгон универсалдуу-ишмердүүлүктүк (руханий-нравалык жана когнитивдик) карым-катнашын чагылдырат. Жалпы жонунан, экологиялык маданияттын системалык түзүүчү элементтеринин өз ара байланышы жана өз ара шарттуулугу диалектикалык биримдикте болуу менен аны руханий реалдуулук, татаал социотабигый обөекттердин, көрүнүштөрдүн кайра түзүлүүсүнүн маанилүү фактору, катары бөлүп көрсөтүп, анын «коом-табият» системасынын диалектикасындагы ордун аныктайт.

6. Экологиялык маданият «коом-табият» системасына имманенттик-маныздык маани берүү менен экология философиясынын өнүгүүсүндө категориалдык статуска ээ болот. Аталган контексте экологиялык маданият «адам», «коом» жана «табияттык чөйрө» түшүнүктөрүнүн эки жактуу мамилелештигин билдирүү менен социум менен табияттын динамикадагы, карама-каршылыктагы, окуялардагы имманенттик манызын чагылдырып жана логикалык түшүндүрүп, экологиялык элестердин, билимдердин, ынанымдардын, принциптердин, нормалардын, баалуулук ориентациялардын, экологиялык ишмердүүлүктүн идеалдарынын жыйындысы катары калыптанат. Алардын ич ара байланышы коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын татаал мүнөзүн түшүндүрүү үчүн экологиялык маданияттын ар кыл аспекттүү, көп кырдуу системасын пайда кылат. Аталган түшүнүк экология философиясынын «экологиялык ишмердүүлүк», «экологиялык маалымат», «экологиялык идеология» ж.б.) башка түшүнүктөрү менен диалектикалык биримдикте болуу менен субъекттин табияттык реалдуулука болгон карым-катнаштарынын жаратуучулук-таанымдык, руханий-нравалык, гуманистик-инсандык аспектилерилерин билдирүү менен экология философиясынын түшүнүктөр системасында маанилүү орунду ээлейт.

7. Экология философиясынын алкагындагы биздин элдин этноэкологиялык маданиятын эске алуу менен экологиялык маданияттын философиялык аспектисине маани берүү заманбап коомдун экологиялык маданиятынын калыптануусу үчүн маанилүү, зарыл шарт болуп эсептелет. Коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттери тууралсындагы илимий-теоретикалык парадигмалардын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн диалектикасын ачып берүү социомаданий, анын ичинде социалдык-экологиялык тажрыйбанын бекитилүүсү, сакталуусу, берилүүсү жана трансформациялануусу жүзөгө ашырылган бирден-бир маанилүү универсалдуу механизмдер катары экологиялык салттардын жана билимдердин ролун аныктады. Заманбап экологиялык маданияттын андан аркы өнүгүүсү элдердин, анын ичинде кыргыздардын этноэкомаданий салттарынын синтезинде жана салттуу экологиялык билимдерин пайдаланууга негизделүүсү керек болуп, адамдардын заманбап руханий, экологиялык ориентацияланган дүйнөсүн калыптандырууга шарт түзөт. Ошону менен бирге этноэкологиялык салттар коомдун экологиялык

маданиятынын көрүнүш формалары катары кызмат кылышып, тарых философиясынын контекстинде анын маңызы менен спецификасына олуттуу оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизет.

8. Заманбап этапта коомдун туруктуу өнүгүүсүнө жетүү үчүн экологиялык маданият коомдо социоэкомаданий кызыкчылыктардын, маанилүү турмуштук максаттардын, экогуманистик багыттардын жана базалык баалуулуктардын, б.а. социотабияттык бүтүндүктүн тен чыгармачылыгы, эки жактуу макулдашылган, коэволюциялык өнүгүүсү үчүн айныксыз социомаданий мейкиндиктин биримдиги үчүн объективдүү негиздердин, башаттардын болуусун билдирет. Туруктуу өнүгүүгө өтүүдө экологиялык маданияттын бардык тараптары өзгөчө актуалдашып, кайра карап чыгууга материалдык жана рухий баалуулуктар дуушар болушат жана алардын негизинде экологиялык ишмердүүлүктү жана экологиялык өндүрүштү өнүктүрүүгө болот. Экологиялык маданияттын калыптануу процессине жүргүзүлгөн философиялык-экомаданий анализ экологиялык маданияттын калыптануусундагы чечүүчү учур катары туруктуу өнүгүү ылайыктуу үзгүлтүксүз жана экологиялык билим берүүсүз, социалдашуу процессине алардын компоненттерин киргизүүсүз мүмкүн эмес. Экологиялык маданият жана анын инновациялык ыкмалары, реалдуулукту рухий-практикалык өздөштүрүүнүн ыкмалары заманбап социотабияттык, социалдык өнүгүүнүн интеграциялоочу фактору, өбөлгөсү, шарты болуп калат.

9. Заманбап ааламдашуучулук коомдо жалпы дүйнө түшүнүмдүн калыптануусуна олуттуу таасирин тийгизген экологиялык маданияттын баалуулуктарынын мааниси жогорулап, экологиялык кризисти алдын алууга багытталган иштиктүү иш-чараларды иштеп чыгууну жөнгө салат. Экологиялык маданияттын өнүгүү процессинде коомдо үстөмдүк кылуучу баалуулук-дүйнө көз караштык көрсөтмөлөр, б.а. коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын, алардын эки жактуу шартталган туруктуу жана коэволюциялык өнүгүүсүнүн гармониялашуусу калыптанат. Ааламдашуу шарттарында, эреже катары, ал материалдык, руханий-маданий, табияттык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды (анын ичинде, экологиялык баалуулуктар) бардык деңгээлдеринде (социалдык-экологиялык, маданий жана руханий-нравалык, баалуулуктук) коом менен табияттын со-болмушунун бирдиктүү иш-аракеттеринде камтып турат. Экологиялык маданияттын аксиологиялык мааниси адамдын, коомдун табият менен болгон гармониялуу карым-катнаштарынын өнүгүүсүндө; коомдук жашоонун бардык тараптарын экологиялаштырууну стимулдаштырууда жана өзүнү функцияларын коомдун көп полярдуу дүйнөсүнө таратуу алсак: экономикага, укука, саясатка, билим берүүгө, тарбияга ж.б. Андыктан өзүнүн баалуулуктарын экологиялаштырууну жүргүзүп, жаңы дүйнө көз караштык парадигманы калыптандыруу менен экологиялык маданият социотабияттын жаңы цивилизацияда гармониялуу өнүгүүсүн камсыз кылуусуна алып келет.

## Практикалык сунуштамалар

Изилдөөнүн натыйжасында, Кыргызстандагы экологиялык маданиятты өркүндөтүү боюнча төмөнкү чараларды сунуштоо зарыл деп эсептейбиз:

1. Кыргыз элинин салттуу экологиялык маданиятын изилдөөнү, коом жана табият коэволюция принцибинин негизинде экологиялык дүйнөгө көз караштын иштеп чыгуу үчүн, заманбап коомдун социомаданий, экологиялык модернизациясынын контекстинде улантуу.
2. Кыргыз Республикасынын туруктуу экологиялык өнүгүүсүнүн моделдерин иштеп чыгуу үчүн заманбап маданияттын компоненти катары экологиялык маданиятка мындан аркы изилдөөлөрдү жүргүзүү.
3. Социалдык-философиялык, экологиялык маселелерди илимий-теоретикалык жактан изилдөөнү кеңейтүү жана туруктуу өнүгүү үчүн, Кыргызстандын экологиялык стратегиясынын перспективалары боюнча концептуалдуу программаларды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**


1. Карабукаев, К.Ш. Экологическое мировоззрение кыргызов в контексте развития номадической культуры [Текст] / А.А. Тайлакова, К.Ш. Карабукаев // Материалы Междунар. науч. конф. «Мир номадизма: прошлое и будущее». – Бишкек, 2009. – С. 400-407.
2. Karabukaev, K.Sh. Kyrgyzstan’s young scientists under World Federation of Scientists [Text] / K.Sh. Karabukaev // Materials of the World Federation of Scientists meeting’s. – Geneva; Switzerland, 2006.
3. Karabukaev, K. Sh. Distance Education in Kyrgyzstan [Электронный ресурс] / A.Aidakyeva, K.Sh. Karabukaev // J. of Space Communication: An International. Elektr. – 2007. – N. 12. – Режим доступа: https://spacejournal.ohio.edu/issue12/.htm. – Загл. с экрана.
4. Карабукаев, К.Ш. Эколого-этические парадигмы устойчивого развития социума [Текст] / К.Ш. Карабукаев, М.Ж. Жумагулов // Современность: философские и правовые проблемы. – Бишкек, 2008. – С. 228-234.
5. Карабукаев, К.Ш. Экологическое знание кыргызов как традиционная ценность [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // Вестн. / Кыргызпатент. – Бишкек, 2009. – № 1. – С. 33-38.
6. Карабукаев, К.Ш. Особенности формирования экологических традиций у кыргызов [Текст] / К.Ш. Карабукаев, М.Ж. Жумагулов // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. молодых ученых. – Бишкек, 2009. – Вып. 10. – С. 346-352.
7. Карабукаев, К.Ш. Концепция устойчивого развития в контексте бытия экологической культуры [Текст]: / К.Ш. Карабукаев // Современность: Философские и правовые проблемы: материалы XIV науч.-практ. конф. – Бишкек, 2009. – С. 302-309.

8. Карабукаев, К.Ш. Философское осмысление бытия экологической культуры [Текст] / М.Ж.Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // Изв. Нац. АН Кырг. Респ. – 2010. – № 1. – С. 113-116.
9. Карабукаев, К.Ш. Роль этноэкологических традиций в развитии социоприродных систем [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Вестн. Нац. АН Кырг. Респ, Ин-т философии политико-правовых исслед. – 2010. – № 2. – С. 19-22.
10. Карабукаев, К.Ш. Диалектика экологического знания как онтогносеологическая проблема. [Текст] / К.Ш Карабукаев, М.Ж. Жумагулов // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2010. – Вып. 11. – С. 332-335.
11. Карабукаев, К.Ш. Воздействие концептуальных аспектов на гносеологические и аксиологические аспекты экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Сборник научных трудов / Ин-т философии политико-правовых исслед. Нац. АН Кырг. Респ. – Бишкек, 2010. – С. 350.
12. Карабукаев, К.Ш. Значение этноэкологических традиций в экологическом знании [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2010. – Вып. 12. – С. 350-354.
13. Карабукаев, К.Ш. Онтология экологического знания как эпистомологический феномен [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2010. – Вып. 12. – С. 260-264.
14. Карабукаев, К.Ш. Природа экологической культуры в контексте философской рефлекции [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2011. – Вып. 13. – С. 332-336.
15. Карабукаев, К.Ш. Ценностно-нравственные основы формирования экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев, М.Ж. Жумагулов // Вестн. / Ин-т философии политико-правовых исслед. Нац. АН Кырг. Респ. – 2011. – № 4. – С. 250-254.
16. Карабукаев, К.Ш. Проявление элементов экологического сознания при использовании пастбищных ресурсов [Текст] / К.Ш. Карабукаев, А.З. Жапаров // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2012. – Вып. 15. – С. 209-212.
17. Карабукаев, К.Ш. Значение экосистемы гор и традиционных знаний в трансмиссии экологической культуры кыргызского народа [Текст] / К.Ш. Карабукаев, А.З. Жапаров // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2012. – Вып. 15. – С. 258-264.
18. Карабукаев, К.Ш. Экологическая культура как социально-динамический процесс [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // Вестн. Кыргызпатент. – 2013. – № 2. – С. 28-33.
19. Карабукаев, К.Ш. Современная экологическая культура в контексте развития социума [Текст] / К.Ш. Карабукаев, М.Ж. Жумагулов // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2013. – Вып. 12. – С. 67-71.
20. Карабукаев, К.Ш. Аксиологическое значение этноэкологических традиций при формировании экологической культуры [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш.

Карабукаев // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2014. – Вып. 20. – С. 385-389.
21. Карабукаев, К.Ш. Ценностные аспекты экологического благополучия [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2015. – Вып. 21. – С. 304-308.
22. Карабукаев, К.Ш. Этноэкологические традиции этноса в контексте формирования экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. ученых. – Бишкек, 2015. – Вып. 21. – С. 366-375.
23. Карабукаев, К.Ш. Ценностно-эпистемологические подходы к определению понятия «экологическая культура» [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Вестн. / Ин-т философии политико-правовых исслед. Нац. АН Кырг. Респ. – 2015. – № 4. – С. 59-67.
24. Карабукаев, К.Ш. Этноэкологиялык салттуулуктун экологиялык маданиятты калыптандыруудагы таасири [Текст] / К.Ш. Карабукаев, М.Ж. Жумагулов // Вестн. Кырг. нац. аграр. ун-та. – 2015. – № 3 (35). – С. 69-73.
25. Карабукаев, К.Ш. Этноэкологические знания как форма проявления традиционности [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // Вестн. Кырг. нац. аграр. ун-та. – 2015. – № 3 (35). – С. 63-69.
26. Карабукаев, К.Ш. Этноэкологические традиции в системе экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Вестн. / Ин-т философии политико-правовых исслед. Нац. АН Кырг. Респ. – 2016. – № 2. – С. 99-104.
27. Карабукаев, К.Ш. Экологическое образование как важное условие развития экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Alatoo Academic Studies. – 2017. – № 3. – С. 437-440.
28. Карабукаев, К.Ш. Этноэкологические традиции как предпосылка формирования экологической культуры общества [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Международная научная конференция «Наука, техника и инновационные технологии в эпоху могущества и счастья» / АН Туркменистана. – Ашгабад: Ylym, 2017. – С.643-645.
29. Карабукаев, К.Ш. Значение экологического сознания в формировании экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Вестн. / Ин-т философии политико-правовых исслед. Нац. АН Кырг. Респ. – 2017. – № 1. – С. 98-101.
30. Карабукаев, К.Ш. Значение экологической культуры в устойчивом развитии общества [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Вестн. / Ин-т философии политико-правовых исслед. Нац. АН Кырг. Респ. – 2017. – № 1. – С.101-103.
31. Карабукаев, К.Ш. Экологическая информация, как предпосылка формирования экологической культуры [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // MJEN. – 2017. – Vol. 5, issue 2. – P. 77-81.
32. Карабукаев, К.Ш. Народные знания о горных ландшафтах и экологическое сознание кыргызов [Текст] / К.Ш. Карабукаев, А.З. Жапаров // Право и практика. Сер. Философия. – М.,2017. – № 3. – С. 186-191.
33. Карабукаев, К.Ш. Этноэкологиялык салттуулуктун экологиялык маселелерди чечүүдөгү орду [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Наука, новые технологии и инновации. – Бишкек, 2017. – № 7. – С.224-226

34. Карабукаев, К.Ш. Трансформация экологических традиций в экологическую культуру [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Современная наука: актуальные проблемы теории и практики. Сер. Познание. – М., 2017. – № 7/8. – С.78-80.
35. Карабукаев, К.Ш. Экологические традиции как духовно-ценностная основа взаимосвязи общества и природной среды [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Общество: философия, история, культура. – Краснодар, 2017. – № 10. – С. 18-21.
36. Карабукаев, К.Ш. Экологические традиции как важный фактор взаимосвязи общества и природы (на примере кыргызского народа) [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение: Вопросы теории и практики. – Тамбов, 2017. – № 11. – С. 83-85.
37. Карабукаев, К.Ш. Экологическое знание как важный элемент экологической культуры [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Traditional and modern culture: history, actual situation, prospects materals of the VII international scientific conference on September 20-21, 2017. – Prague, 2017. – С. 20-25.
38. Карабукаев, К.Ш. Экологическое знание в контексте развития этнической традиции (на примере кыргызского народа) [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Современная наука: актуальные проблемы теории и практики. Сер. Познание. – М., 2017. – № 7/8. – С. 81-85.
39. Карабукаев, К.Ш. Горы – как естественная основа формирования экологических традиций кыргызского народа. [Текст] / М.Ж. Жумагулов, К.Ш. Карабукаев // Междунар. журн. гуманитар. и естеств. наук. – Новосибирск. – 2017. – № 9. – С. 26-30.
40. Карабукаев, К.Ш. Значение горных систем для формирования экологических знаний кыргызского народа [Текст] / К.Ш. Карабукаев // Наука, техника и образование. – Калуга, 2017. – Спец. вып. , № 3 (15). – С. 45-49.

**Карабукаев Кадыркул Шаршеевичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча «Экологиялык маданият философиялык анализдин объектиси катары» аттуу темада философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**Р Е З Ю М Е С И**


**Түйүндүү сөздөр:** экологиялык маданият, коом, табият, социум, рухий феномен, социотабият, этноэкологиялык салттар, экосистема, коэволюция, аксиология, туруктуу онугуу.

**Изилдөөнүн объектиси –** коомдун экологиялык маданияты.

**Изилдөөнүн предмети** – экологиялык маданияттын эволюциялык маңызы жана мааниси.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** коомдун экологиялык маданиятынын болмушун философиялык талдоо

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин** диалектиканын универсалдуу принциптери, жалпы логикалык методдор, дүйнөлүк субъекттердин өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарыхый-логикалыктын, системалык-функционалдыктын, маданий-цивилизациялык ыкмалардын өтүүсү түздү. Изилдөөнүн теоретикалык негизи катары философиялык ойломдун, маданият теориясынын, экология философиясынын ж.б. классиктеринин эмгектери түздү жана ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн социалдык-экологиялык маселелерди илимий изденүүлөрү пайдаланылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**: Кыргызстанда экологиялык маданияттын манызына жана маанисине системалуу философиялык изилдөө жүргүзүлду. Изилдөөдо: экологиялык маданият феноменине философиялык ойломдун өнүгүүсүн эске алуу менен теоретикалык-методологиялык интерпретация жүргүзүлдү; ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн илимий изденүүлөр системасындагы экологиялык маданияттын дүйнөсү изилденди; «коом-табият» системасындагы экологиялык маданияттын диалектикасына маани берилди; экологиялык маданияттын болмушунун онтологиялык жана гносеологиялык аспектилери көрсөтүлдү; тарых философиясы проекциясындагы экологиялык маданияттын элементтеринин бүтүндүгү жана өз ара байланышы изилденди; экология философиясынын категорияларынын сруктурасындагы экологиялык маданияттын системалык түзүүчүлүк мааниси каралды; этноэкологиялык салттардын маданият таануучулук мазмундуулугу ачылып берилди; эгемендүү Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүндөгү экологиялык маданияттын ролу изилденди; ааламдашуу шарттарындагы экологиялык маданияттын аксиологиясы аныкталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациянын материалдары маданият философиянын, социалдык философиянын, илимдин философия жана методологиясынын маанилүү маселелерин андан ары иштеп чыгууда колдонулушу ыктымал; философия жаатындагы илимий изденүүлөрдүн спектрин кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө шарт түзүп, экологиялык маданияттын максаттуу калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги жолдорун ачып берет, андан тышкары, социотабигый бирдиктүү иш-аракет туурасындагы теоретикалык билимдердин калыптануусун жана өнүгүүсүн жөнгө салат. Бул изилдоо эгемендуу Кыргызстанда мамлекеттик экологиялык саясатты жана стратегияны иштеп чыгууда теоретикалык-методологиялык база катары колдонуу сунушталат.

# Р Е З Ю М Е

**диссертации Карабукаева Кадыркула Шаршеевича на тему «Экологическая культура как объект философского анализа», представленной на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия**

**Ключевые слова:** экологическая культура, общество, природа, социум, духовный феномен, социоприрода, этноэкологические традиции, экосистема, коэволюция, аксиология, устойчивое развитие.

**Объект исследования** – экологическая культура общества.

**Предмет** исследования – эволюционная сущность и содержание экологической культуры.

**Цель исследования** - философский анализ бытия экологической культуры общества.

**Теоретическую и методологическую основу диссертации** составили универсальные принципы диалектики, общелогические методы, единство исторического и логического, системно-функциональный, культурно-цивилизационный подходы к изучаемому объекту. Теоретической основой исследования служат также труды классиков философской мысли, теории культуры, философии экологии, а также использованы научные поиски отечественных исследователей по социально-экологической проблематике.

**Научная новизна** диссертационной работы состоит в системном философском исследовании сущности и содержание экологической культуры в Кыргызстане. В процессе исследования проведена теоретико-методологическая интерпретация экологической культуры с учетом развития мировой философской мысли; исследовано ее сущностно-содержательное измерение в контексте научных поисков отечественных исследователей; осмыслена диалектика экологической культуры с учетом развития системы «общество – природа»; показаны онтологические и гносеологические аспекты бытия экологической культуры; изучены целостность и взаимосвязь элементов экологической культуры в проекции философии истории; рассмотрена системообразующая значимость экологической культуры в структуре понятия философия экологии; выявлена культуросодержательность этноэкологической традиции; показана роль экологической культуры в устойчивом развитии суверенного Кыргызстана; определена аксиология экологической культуры общества в контексте глобализационных процессов.

**Рекомендации по использованию:** Материалы диссертации могут быть использованы для дальнейшей разработки важнейших проблем философии культуры, социальной философии, философии и методологии науки; позволят расширить и углубить спектр научного поиска в области философии экологии, выявляют основные пути целенаправленного формирования и развития экологической культуры, будут способствовать совершенствованию и развитию теоретических знаний о социоприродном взаимодействии.

## RESUME

**of Kadyrkul Karabukaev's dissertation on the theme "Ecological culture as an object of philosophical analysis", presented for the Doctor of Philosophy sciences degree on specialty 09.00.11 - Social Philosophy**


**Key words:** ecological culture, society, nature, socium, spiritual phenomenon, social nature, ethnoecological traditions, ecosystem, co-evolution, axiology, sustainable development.

**The object of research** is ecological culture of society.

**The subject of the study** is the evolutionary essence and content of ecological culture.

**The aim of the research** is philosophical analysis of the ecological culture of society.

**The theoretical and methodological basis** made universal principles of dialectics, general logical methods, the unity of historical and logical, system-functional, cultural-civilizational approaches to the object under study. Theoretical basis of research serves of classics of philosophical idea, theory of culture, philosophy of ecology serve as also, and also the scientific searches of domestic researchers are used on the social-ecological range of problems.

**The scientific novelty** of the thesis is the systematic philosophical study of the essence and content of the ecological culture in Kyrgyzstan. In the process of research, a theoretical and methodological interpretation of ecological culture was carried out, taking into account the development of world philosophical thought; Its dimension of essence and meaning have been studied in the context of scientific research of fatherland researchers; the dialectics of ecological culture is considered with consideration for the development of the system "society - nature"; Ontological and epistemological aspects of the existence of ecological culture are shown; the integrity and interrelation of the elements of ecological culture in the projection of the philosophy of history are studied; the system-forming significance of ecological culture in the structure of the concept of ecology philosophy is considered; the cultural content of the ethnoecological tradition has been revealed; the role of ecological culture in the sustainable development of sovereign Kyrgyzstan is shown; the axiology of the ecological culture of society is defined in the context of globalization processes.

**Recommendation for use**: The matter of dissertation can be used for further development of the major problems of philosophy of culture, social philosophy, philosophy and methodology of science; allow to expand and widen the spectrum of research in the field of philosophy of ecology, define fundamental principles of ecologic culture and development, will facilitate the improvement and development of theoretical knowledge in the socionatural interconnection. Along with this, this study should be used as a theoretical and methodological basis for the development of state environmental policy and strategy in sovereign Kyrgyzstan.